**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# Англис тили жалпы билим берүү уюмдарынын 5–11-класстары үчүн предметтик стандарты

**Бишкек – 2022**

Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн «Англис тили» предметтик стандарты, - Бишкек, 2022 - 55 б.

**Иштеп чыгуучулар:**

| | |
|---|---|
| Фатнева А.Г., | “Bilimkana American school” англис тили мугалими, Бишкек ш. |
| Цуканова Н.Э. | Борбордук Азия Эл аралык университетинин ага окутуучусу, Токмок ш. |
| Назарбекова Г. Дж. | «Лингва» инновациялык билим берүү фондунун директору, Бишкек ш. |
| Балута О.Р. | «My studio» ЖЧКсынын методисти, Кант ш. |
| Абдышева Ч.А. | Бишкек мамлекеттик университетинин англис тили кафедрасынын окутуучусу, Бишкек ш. |
| Султанова Д. Ш. | Ж.К. Алымкул атындагы ОББМнин англис тили мугалими, Сасык-Булак а., Талас областы. |
| Курбанкулова А.С. | Сыдыкбеков атындагы Аймактык китепканасынын Америка бурчунун координатору, Каракол ш. |
| Куцева В. С. | Тангатаров атындагы № 4 гимназия-интернатынын англис тили мугалими, Ош ш. |
| Арзиева Г. К., | С.Ногоева атындагы № 2 орто мектептин англис тили мугалими, Массы а., Ноокен району, Жалал-Абад областы . |
| Жаникулов У.А. | USAID “Окуу Керемет!” долбоорунун координатору, Баткен ш. |
| Орусбаева Д.Н. | Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү жана инклюзивдик билим берүү бөлүмүнүн башчысы, Бишкек ш. |

**Рецензенттер:**

| | |
|---|---|
| Тентимишова Ч.Б. | Аламүдүн райондук окуу болүмүнүн методикалык кабинетинин башчысы. |

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн «Англис тили» предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын жалпы мектепте билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын (2022-жылдын 22-июлундагы No 393) негизинде иштелип чыккан.

Стандарт окуу пландарын, окуу китептерин/окуу-методикалык комплекстерди жана окуу куралдарын иштеп чыгуучулар үчүн негиз болуп саналат.

# Мазмуну

**1-бөлүм. Жалпы жоболор**
1.1 Документтин статусу жана түзүмү
1.2 Негизги ченемдик документтердин системасы
1.3 Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**2-бөлүм. Предметтин концепциясы**
2.1.1 Окутуунун максаттары жана милдеттери
2.2.1 Предметтин методологиялык негиздери
2.3 Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр
2.4.1 Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы
2.5 Мазмундук тилкелер. Окуу материалдарын мазмуну жана класстары боюнча бөлүштүрүү.
2.6 Предметтер аралык байланыштар жана тематикалык өтмө тилкелерди ишке ашыруу

**3-бөлүм. Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо**
3.1 Билим берүүнүн күтүлгөн натыйжалары
3.2 Класстар боюнча натыйжаларга жетишүү үчүн көрсөткүчтөр
3.3 Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

**4-бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлган талаптар**
4.1 Окутуунун методикасына негизги талаптар
4.2 Ресурстук камсыздоого талаптар
4.3 Шыктандыруучу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү

**Адабият**

## 1-бөлүм. Жалпы жоболор

### 1.1 Документтин статусу жана түзүмү

Жалпы билим берүүчү мектептин 5-11-класстары үчүн ушул чет тил предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык жана Кыргыз Республикасынын орто, жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн. Предметтик стандарт Мамлекеттик билим берүү стандартында аныкталган чет тилин үйрөнүүнүн максаттарына ылайык окуучуларды окуу предметинин каражаттары менен окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясын аныктайт, ошондой эле курстун мазмунун ачып берет. Предметтик стандарт окуу программаларын жана окуу китептерин иштеп чыгуучулар үчүн багыт болуп саналат. Анын негизинде окуу программалары жана окуу китептери түзүлөт, аларда ушул предметтик стандартта билдирилген окутуу ыкмалары, принциптери жана методдору чагылдырылат. Окуу материалын структуралаштыруу, окутуунун ырааттуулугу конкреттүү окуу программалары менен аныкталат. Бул документте курстун белгилүү бир бөлүмдөрүн изилдөөгө бөлүнгөн окуу сааттарынын болжолдуу бөлүштүрүлүшү көрсөтүлгөн.

Азыркы дүйнөдө чет тили улуттук маданияттардын диалогунун контекстинде адамдардын ортосундагы байланыш каражаты катары колдонулат. Ошондой эле англис тилин окутуу өсүп келе жаткан муундун башка элдердин маданиятын, жашоо образын жана ой жүгүртүүсүн түшүнүүгө даярдыгын өнүктүрүүгө, алардын маданий жана жарандык өзгөчөлүгүн калыптандырууга багытталган («Кыргыз жараны»). Англис тилин окутуу окуучуларга билим берүү жана келечектеги кесиптик тармактарында натыйжалуу коммуникация көндүмдөрүн алууга жардам берет.

Англис тили боюнча предметтик стандарт төрт бөлүмдү камтыган бирдиктүү документ: жалпы жоболор, предметтин концепциясы, билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо, ресурстук талаптар.

Чет тилин окутуунун мазмуну компетенттүүлүк мамиленин негизинде тандалып алынган жана түзүлгөн. Бул предметтик стандарт негизги жана предметтик: тилдик, кептик жана социо-маданий компетенттүүлүктөрдү түзүүнү камсыз кылат. Чыныгы окуу процессинде аталган компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу тыгыз байланышта болушу керек.

### 1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021-жылдын 5-майы)
- 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасында жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү концепциясы. (2020-жылдын 13-ноябры);
- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2003-жылдын 30-апрели);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы;
- Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы (2022-жылдын 29-декабрындагы № 9);
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1 буйругу менен 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана жаш студенттерин тарбиялоо концепциясы бекитилген;
- жалпы мектепте билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.07.2022-ж. № 393 токтому);
- Адам укуктарынын жалпы декларациясы (1948);

- Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция (Башкы Ассамблеянын 20.11.1989-ж. 44/25 резолюциясы менен кабыл алынган);
- Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-июлундагы № 360 токтомуна 1-тиркеме);
- 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиясы;
- "Эркектер менен аялдардын бирдей укуктарынын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2008-жылдын 4-августу, № 184);
- 2008-жылдын 3-апрелиндеги № 38 "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- 1966-жылдын 16-декабрындагы Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт;
- Билим берүүдөгү дискриминацияга каршы конвенция, 1960-ж.;
- 1979-жылдын 18-декабрындагы Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенция;
- 2006-жылдын 13-декабрындагы майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө Конвенция;
- 2015-жылдын 25-сентябрындагы 2030-жылга чейин туруктуу өнүктүрүүнүн күн тартиби;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жалпы билим берүү уюмдарындагы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому (17.06.2019-ж. № 295 (Өкмөттүн токтомдорунун редакцияларына ылайык) Кыргыз Республикасынын 17.01.2020-ж. No 12, 05.03.2021-ж. No 72).

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Текстти адаптациялоо** – Окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүнө жараша текстти жөнөкөйлөтүү, ылайыкташтыруу, жеңилдетүү же татаалдаштыруу. Тексттин татаалдыгын баалоодо тааныш эмес лексикалык бирдиктердин саны, изилденген синтаксистик структуралар жана алардын семантикалык маалыматты жеткирүүдөгү ролу эске алынат.

**Угуу** –кеп ишмердүүлүгүнүн рецептивдик түрү, оозеки билдирүүнү семантикалык кабыл алуу. Угуу тилдин формасын бир эле мезгилде кабыл алуудан жана сөздүн мазмунун түшүнүүдөн турат.

**Коопсуз билим берүү чөйрөсү** – бул балдардын физикалык жана психикалык саламаттыгын сактоого жана өнүктүрүүгө багытталган окуу процесси жана аны уюштуруу. Коопсуз билим берүү чөйрөсү *экологиялык коопсуздукту* (таза аба, суу, канализация, пайдалуу тамак-аш, сапаттуу жарыктандыруу, тийиштүү температура, желдетүү, энергияны үнөмдөө, багбанчылык); *физикалык коопсуздукту* (коопсуз имараттар, окуу жабдуулары ж.б.); *психологиялык коопсуздутук* (психологиялык, зомбулуксуз жана толеранттуу чөйрө) камтыйт

**Билингвизм** – инсандын же топтун эки тилди кезектешип колдоно билүүсү.

**Гендер** – ар кандай жыныстагы адамдардын жүрүм-туруму, турмуштун бардык чөйрөлөрүндө, анын ичинде саясатта, экономикада, укукта, идеологияда жана маданиятта, билим берүү жана илимде көрүнгөн аял менен эркектин ортосундагы мамилелердин социалдык аспектиси.

**Гендердик теңчилик** – аялдар менен эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруунун бирдей мүмкүнчүлүктөрү, жынысына карабастан адамдарга жашоонун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүндө өз мүмкүнчүлүктөрүн эркин пайдаланууга мүмкүндүк берет.

**Жарандык идентүүлүк** – бул белгилүү бир жеке мааниге ээ болгон жалпы маданий негизде белгилүү бир мамлекеттин жарандарынын жамаатына таандык болгон жекече сезим. Окуу процессинде окуучулардын жарандык инсандыгын тарбиялоонун негизги багыттары: руханий-адептик жана нарк-семантикалык тарбия, тарыхый, саясий-укуктук, патриоттук, эмгектик жана экологиялык тарбия берүү.

**Диагностикалык баалоо** – окуучулардын билимдеринин, жөндөмдөрүнүн, көндүмдөрүнүн жана компетенцияларынын калыптанышынын баштапкы деңгээлин аныктоочу баалоо.

**Инклюзивдик билим берүү** – билим берүү муктаждыктарынын жана жеке мүмкүнчүлүктөрүнүн ар түрдүүлүгүн эске алуу менен бардык окуучулар үчүн бирдей билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

**Интеграция** – окуучулардын дүйнөнү бүтүндөй кабылдоосун калыптандырууга жана негизги компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган айрым предметтердин, билим берүү чөйрөлөрүнүн, бүтүндөй билим берүү процессинин алкагында мазмундун структуралык компоненттеринин ортосундагы байланыштарды орнотуу жана өз ара аракеттенүүнү камсыздоо процесси.

**Негизги компетенттүүлүктор** – бардык предметтер үчүн жалпы мета-предметтик мазмунда ишке ашырылуучу билим берүү натыйжалары. Алар көп функционалдуулук менен мүнөздөлөт. Автономдуу жана рефлексивдүү иштөөгө; ар кандай куралдарды (каражаттарды) интерактивдүү колдонууга, социалдык ар турдүү топторго кирүүгө жана иштөөгө мүмкүндүк берет.

**Окутуунун коммуникативдик методу -** чыныгы баарлашуу процессине жакын тил үйрөтүүгө болгон мамиле.

**Коммуникативдик-ишмердүүлүк ыкмасы** - окуу процессинде инсандын индивидуалдык психологиялык, жаш жана улуттук өзгөчөлүктөрү жана окуучунун кызыкчылыктары эске алынат.

**Критериалдык баалоо** – окуучулардын окуу жетишкендиктерин так аныкталган, жамааттык иштелип чыккан, билим берүү процессинин бардык катышуучуларына алдын ала белгилүү болгон, окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууга өбөлгө түзүүчү билим берүүнүн максаттарына жана мазмунуна ылайык келген критерийлер менен салыштырууга негизделген баалоо;

**Коммуникативдүүлүк** –коммуникация процессиндегидей тилди иш жүзүндө колдонуудан турган билим берүү процессинин кепке багытталышы.

**Коммуникативдик жагдай** – бул баарлашуунун катышуучуларынын, анын ичинде мугалимдин жүрүм-туруму менен түзүлгөн башкарылуучу баарлашуу. Окуучулардын коммуникативдик жүрүм-туруму сүйлөөнүн даректүүлүгүнөн жана анын адекваттуу кабылдоолорунан турат, ал инсандар аралык кабылдоону жана башка адамдын сырткы көрүнүшүн жана жүрүм-турумун бүтүндөй чагылдырууну, аны түшүнүүнү жана баалоону камтыйт.

**Коммуникативдик көнүгүүлөр -** коммуникативдик жана мазмундук маселелерди чечүүдө кеп практикасынын шарттарында тил материалын активдештирүү.

**Контекст** – бул адамдын жүрүм-турумунун жана иш-аракетинин ички жана тышкы шарттарынын системасы, ал субъекттин конкреттүү кырдаалды кабыл алуусуна, түшүнүүсүнө жана өзгөрүшүнө таасир этет, бул кырдаалга бүтүндөй жана анын компоненттеринин маанисин берет; оозеки же жазма кептин (тексттин) салыштырмалуу толук үзүндүсү, анын ичинде ага кирген сөздөрдүн, туюнтмалардын жана башкалардын мааниси эң так ачылат.

**Контексттик-кырдаалдык ыкма** – талап кылынган маалыматты бардык деңгээлде туура колдонуу: тилдик, улуттук-маданий, энциклопедиялык жана кырдаалдык. Сөздөргө караганда кеңири баарлашуу бирдиктерин колдонуу, башкача айтканда, "чоңойтууга жана бөлүштүрүүгө мүмкүн болгон чоңураак блокторду иштетүү, башкача айтканда, тапшырманын контекстине карата колдонулат".

**Компетенция** – белгилүү бир тармакта анын натыйжалуу жемиштүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон окуучулардын билим берүү даярдыгы үчүн алдын ала белгиленген талап.

**Компетенттүүлүк** – белгилүү бир кырдаалда (окуу, жеке, кесиптик) билимдин, көндүмдөрдүн жана иштин ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга адамдын интеграцияланган жөндөмдүүлүгү.

**Критерийлер** – бир нерсени баалоо, аныктоо же классификациялоонун негизинде жүргүзүлүүчү белги.

**Маданий-тилдик иденттүүлүк** – окутуу жана баарлашуу тилин аныктоо, аны өздөштүрүү социалдык-маданий адаптацияга жана орус тилдүү чөйрөгө интеграциялоого өбөлгө түзөт.

**Инсанга багытталган окутуу** – бул баланын инсандыгын, анын өзгөчөлүгүн, өзүн-өзү баалуулугун биринчи орунга койгон окутуу.

**Медиа сабаттуулук** – пропаганданы, цензураны, бир жактуулукту, медиатексттин максатын түшүнүү үчүн медиа билдирүүлөрдү түшүнүү, талдоо жана түзүү жөндөмдүүлүгү.

**Көп түрдүүлүк** – коомдо гендердик, этномаданий, жаштык, социалдык-экономикалык, диний жана башка параметрлери боюнча айырмаланган түрдүү топтордун болушу.

**Мотивация** – бул адамдын жүрүм-турумун, муктаждыктардын жыйындысын аныктоочу факторлордун тутуму.

**Көндүм** – көнүгүүлөрдү аткаруунун натыйжасында автоматизм деңгээлине жеткен иш-аракет. Булар: сезүү, акыл-эс жана кыймыл көндүмдөрү. Окутуу методикасында: фонетикалык (угуу-айтуу), грамматикалык, лексикалык, ошондой эле кыймыл-аракет (жазуу учурунда) жөндөмдөрү бар.

**Билим берүү (окуу) программасы** – предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан жана предметтин мазмунун окутуунун темалары, бөлүмдөрү жана мөөнөттөрү боюнча бөлүштүргөн, уюштуруу-педагогикалык шарттарды, анын ичинде болжолдуу календардык-тематикалык пландоону жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун формаларын регламенттеген документ.

**Билим берүү процесси** – бул педагогдордун түздөн-түз катышуусу менен ар кандай типтеги сабактар жана окуучулардын өз алдынча окуусу, ошондой эле экзамендерди, тесттерди жана окуучуларды жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоонун башка түрлөрүндө уюштурулган окутуу жана тарбиялоо процесси. Окуу процессинин жүрүшүндө жалпы билим берүү программалары ишке ашырылат.

**Билим берүүнүн натыйжасы** – негизги жана предметтик компетенттүүлүктү өздөштүрүү деңгээлинде чагылдырылган билим берүү процессинин белгилүү бир этабында окуучулардын билим алуу жетишкендикеринин жыйындысы.

**Билим берүү чөйрөсү** – окуучуларга окутуу жана тарбиялоочу таасирин тийгизген атайын уюштурулган шарттардын, процесстердин жана социалдык өз ара аракеттенүүлөрдүн жыйындысы.

**Кайтарым байланыш** – мугалимдин окуучуну окутуу процессинде алган маалыматы, бул мугалимге окуу процессин өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк берет. Кайтарым байланыш ошондой эле окуучуга билим алуудагы өзүнүн кемчиликтерин көрүүгө жана аларды оңдоого мүмкүнчүлүк берет.

**Белги** – окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин шарттуу-формалдуу, сандык туюнтма цифра, тамга же башка жол менен баалоонун символу.

**Баалоо** – бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү иш-аракеттерине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында окуучу жөнүндө маалыматты сүрөттөө, чогултуу, каттоо жана чечмелөө процесси.

**Баа** – бул баалоо процессинин натыйжасы, сапаттуу кайтарым байланыш маалыматы.

**Предметтик стандарт** – окуучулардын билим берүү натыйжаларын, аларга жетүү жолдорун жана предметтин алкагында өлчөөлөрдү жөнгө салуучу документ. Акырындык менен интеграцияланган курстарга өтүү менен, предметтик стандарттар менен катар билим берүү чөйрөсүнүн стандарты түзүлүшү мүмкүн.

**Долбоордук окутуу** – окуучулардын өз алдынча жана топтук иш-аракеттерин болжолдогон практикалык же теориялык жактан маанилүү көйгөйдү чечүүдө алынган натыйжага багытталган окуучулардын когнитивдик (таанып билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук иш-аракеттерин уюштурууну камсыз кылуучу педагогикалык технология.

**Натыйжалуу кеп ишмердүүлүгү** маалыматты жаратууга жана берүүгө багытталган. Анын түрлөрү: оозеки жана жазуу кеби.

**Кеп билгилиги** – тажрыйба моделдеринин, сезүү моделдеринин, кырдаал моделдеринин жана баштапкы натыйжалардын негизинде кеп ишмердүүлүгүн башкарууну жүзөгө ашыруу. Кеп билгилигин өнүктүрүүдө окуучунун (сүйлөөчүнүн) алдында кептик багытталган ой жүгүртүү милдети коюлушу керек.

**Кептик клишелер** – белгилүү бир кептик чөйрөсүнүн коммуникативдик талаптарына ылайык колдонулган, сүйлөөдө көп кайталануучу даяр кептик формулалары. Мисалы**,** *тамагың таттуу болсун, иштер кандай, кутмандуу кеч, ж. б.*

**Рецептивдик кеп ишмердүүлүгү** алынган маалыматты кабыл алууга жана андан кийин кайра иштетүүгө багытталат. Анын түрлөрү: угуу жана окуу.

**Суммативдик баалоо** – теманы, бөлүмдү окуп бүткөндөн кийин (чейректин, жылдын аягында) билимдин жана окуу көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин аныктоочу баалоо.

**STEM-билим берүү** – табигый илимдер, технология, инженерия жана математика сабактарын айкалыштырган окутуу. Бул ыкма илимий кубулуштарды жөнөкөй жана жеткиликтүү визуалдаштыруу аркылуу билимге ээ болуу максатын көздөгөн теориялык жана прикладдык илимдердин айкалышына негизделген, бул практиканын жана процесстерди терең түшүнүүнүн негизинде билим алууну жеңилдетет.

**Билгиликтер** – субъект тарабынан өздөштүрүлгөн билгиликтер менен көндүмдөрдүн жыйындысы менен камсыз кылынган аракетти аткаруунун жолу. Бул көнүмүш гана эмес, ошондой эле өзгөрүлүп жаткан шарттарда белгилүү бир аракеттерди жасоо мүмкүнчүлүгүн түзөт. Билгиликтер көнүгүүлөрдү жасоо менен калыптанат.

**Окуучулардын окуу жетишкендиктери (натыйжалары)** – бул окуучунун окуу процессинде жетишкен акыркы натыйжасы (окуучу эмне билиши, түшүнүшү жана колдонушу керек).

**Формативдик баалоо** – бул окуу процессин өркүндөтүү максатында ар бир окуучу жөнүндө маалыматтарды чогултуучу жана жалпылоочу баалоо**.**

**Функционалдык сабаттуулук** – адамдын ишмердүүлүгүнүн, байланышынын жана социалдык мамилелеринин ар кандай чөйрөлөрүндө практикалык жана турмуштук маселелердин кеңири спектрин чечүү үчүн окутуу процессинде тынымсыз алынган билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү колдоно билүү;

**Максат –** акыркы, каалаган натыйжа.

## 2-бөлүм. Предметтин концепциясы

"Чет тили" окуу предметинин ролу жана орду заманбап социалдык заказдын өзгөчөлүктөрү менен алдын-ала аныкталат, ал тилдерди улуттук маданий диалог контекстинде адамдардын ортосундагы баарлашуу каражаты катары кеңири колдонууга мүмкүндүк берет.

Негизги милдеттерге жаш муундун өз ара түшүнүшүүгө даярдыгын калыптандыруу, толеранттуулук духунда тарбиялоо, башка элдердин маданиятын, жашоо образын жана ой-пикирин түшүнүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, баарлашуу процессинде өз оюн жана сезимдерин жеткире билүү кирет. Белгиленген милдеттерди алдыга жылдыруу маданияттар аралык карым-катнаштын каражаты катары чет тилин өздөштүрүүнү болжолдойт.

Чет тилдер ар тараптуу маалымат алмашуунун, улуттук маданияттардын өз ара аракеттенүүсүнүн, инсандын жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүсүнүн куралы катары андан ары иштөө максатында изилденет. Өлкөдө баарлашуунун ар кандай түрлөрүн натыйжалуу камсыз кылуу үчүн чет тилдерди колдоно билген адистерге болгон муктаждык өсүүдө.

## 2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

5-11-класстарда чет тилин окутуунун **максаты** – окуучунун чет тилдердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн өздөштүрүү аркылуу көп маданияттуу, көп тилдүү инсандыгын калыптандыруу.

Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү **милдеттерди** аткаруу зарыл:

***Когнитивдик милдеттер:***

- 5-11-класстар үчүн лексикалык жана грамматикалык минимумга ылайык баарлашуу максаттарына жетүү үчүн керектүү грамматикалык формаларды жана лексикалык бирдиктерди тандайт;
- кеп ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрүнө (чет тилин угуу жана түшүнүү, сүйлөө, окуу, жазуу) ээ болуу;
- бир эле учурда бир тексттен, бир нече текст фрагменттеринен керектүү маалыматты табат жана бөлүп алат;
- тексттин мазмунун жана формасын баалайт, ой жүгүртөт, маалыматтарды салыштыруунун негизинде жыйынтык чыгарат;
- маалыматты интеграциялайт жана чечмелейт, маалыматтын аныктыгын баалайт, ошондой эле тексттин карама-каршы бөлүктөрүн дал келтирүү жолдорун табат;
- тексттердин ар кандай форматтары менен иштейт: туташ, туташ эмес, аралаш, курама (*меню, афишалар, жарнама, жүгүртмө ж. б.*);
- визуалдык, санариптик, графикалык маалыматтарды түшүнөт жана чечмелейт.

***Жүрүм-турум милдеттери:***

- кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) баштапкы деңгээлде ээ;
- чет тилин анын когнитивдик, коммуникативдик жана экспрессивдүү функцияларынын биримдигинде жана өз ара аракеттенүүсүндө эффективдүү байланыш каражаты катары билет;
- маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен өз алдынча издөө жана окутуу-практикалык иш-чараларды уюштурууга жөндөмдүү,
- окуучуда өзүн-өзү тарбиялоо, өзүн-өзү таануу жана инсандын өзүн-өзү өнүктүрүү көндүмдөрү калыптанат;
- окуучуда медиа-маалыматтык сабаттуулук көндүмдөрү калыптанат.

***Баалуулук милдеттери:***

- өнүгүүнүн курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык көп тилдүүлүктүн баалуулугун тааныйт;
- маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын коомдук, саясий жана маданий турмушта толеранттуу жүрүм-турумдун негизи катары түшүнөт жана кабыл алат жана өз өлкөсүнүн жана дүйнөнүн элдеринин маданий, руханий баалуулуктарын өздөштүрүү менен эне тилине жана маданиятына жакындайт;
- түрдүү маданияттар менен таанышуу аркылуу окуучунун дүйнөнүн картинасы жөнүндөгү түшүнүгү байыйт жана жалпы көз карашы кеңейет;
- окуучу элестетүүнү өнүктүрөт жана инсандын эмоционалдык-сезимтал чөйрөсү байыйт;
- тилдер аралык маданияттар аралык баарлашууга даярдыгын көрсөтөт;
- окуучуда көп түрдүүлүк жана теңдик, адам укуктары, басмырлабоо, социалдык кошулуу жана айырмачылыктарды урматтоо баалуулуктары калыптанат;
- гендердик теңчиликтин негизинде, коомчулуктун жыргалчылыгы үчүн өз ара аракеттенүүнү үйрөнөт;

– заманбап экологиялык көйгөйлөр, климаттын өзгөрүшү, жоопкерчиликтүү керектөө, жаратылышка аяр мамиле жана “жашыл” экономика маселелерин түшүнөт;
– Кыргыз Республикасынын жарандарынын коомчулугуна таандык экендигин аңдап билет.

**2.2 Предметтин методологиялык негиздери**

Алдыга коюлган милдеттерди эске алуу менен 5-11-класстарда чет тилин окутуу төмөнкүлөргө негизделет:

1. чет тилин окутууга ***ишмердүүлүк ыкма***, ага ылайык мугалим чет тилде белгилүү бир деңгээлде билимди, көндүмдөрдү жана билгиликтерди гана камсыз кылбастан, окуучулардын жаш курагына ылайыктуу практикалык маселелерди чечүү процессинде окуучулардын чет тилдүү ишмердүүлүгүн калыптандырышы керек.
2. чет тилин окутууда ***коммуникативдик ыкма***. Бул принцип билим берүүнүн негизги максатын – окуучулардын сүйлөө мүмкүнчүлүктөрүн жана муктаждыктарын, жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен белгилүү деңгээлде чет тилинде баарлаша билүү жөндөмүн калыптандыруу үчүн өзгөчө мааниге ээ. 5-11-класстарда чет тил курсу коммуникативдик багытка ээ жана окуучулардын баарлашуусунун реалдуу кырдаалдарына жакын окуу кырдаалдарына киргизилген тапшырмаларды камтыйт. Бул мамиле тил бирдиктери менен таанышуунун айрым эрежелерин карайт. Сөздү, сөз айкашын, грамматикалык формасын же конструкциясын киргизүү үчүн мугалим берилген тил бирдигинин функциясын айкын көрсөтө турган, анын маанисин түшүнүүнү камсыз кылган жана сүйлөөдө анын чыныгы колдонулушун көрсөтө турган байланыш жагдайларын, кырдаалдык контексттерди табышы керек.
3. чет тилин окутууда ***оозеки артыкчылык принциби***. Окуу материалын уюштурууда негизги көңүл оозеки кепке бурулуп, кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрү боюнча коммуникативдик билгиликтерди өнүктүрүү каралган. Ар кандай курактагы окуучулар уккан нерселерин оңой кабыл алышат, айрым үндөрдү, сөздөрдү гана эмес, бүтүндөй кеп үлгүлөрүн өздөштүрүшөт, анткени аларда жалпысынан тууроо жана өзгөчө үндөрдү тууроо өнүккөн. Демек, мугалим адегенде жаңы окуу материалын оозеки баяндап, окуучулардан биринчи кезекте кеп үлгүлөрүн өздөштүрүп, аларды оозеки кепте колдонууну талап кылышы керек.
4. ***коммуникативдик көндүмдөрдү интегративдик өнүктүрүү принциби***. Бул принцип чындыкка эң жакын жагдайларда тил каражаттарды жана тил көндүмдөрдү өздөштүрүүнү болжолдойт. Мисалы, текстти окуп чыккандан кийин, окуучуларга жалпысынан окугандарын талкуулоону сунушташат, бул окуу көндүмдөрүн бир сабакта сүйлөө жана угуу жөндөмдөрү менен интеграциялоого мүмкүндүк берет. Ошентип, чет тилде сүйлөгөн/жазган адамдар менен өз ара түшүнүшүүгө, үн жана жазуу тексттери аркылуу жаңы нерселерди үйрөнүүгө мүмкүндүк берүүчү байланыш каражаты катары чет тил жөнүндө түшүнүктөрдү түзүү милдети аткарылат.
5. ***чет тилин окуп-үйрөнүүнүн социо-маданий багытталышы принциби*** – окуучулардын баарлашуунун социалдык тажрыйбасын кеңейтүүгө мүмкүндүк берүүчү чет тилин үйрөнүү. Англис/чет тили сабагында окуучулар ар кайсы өлкөлөрдүн маданияты менен таанышат, дүйнө элдеринин майрамдары жана салттары жөнүндө маалымат алышат, жаңы билимди өз маданияты менен байланыштырышат. Окуучулар ар кандай коомдуштактагы жүрүм-турум эрежелерин түшүнүүгө үйрөнүшөт. Окуучулар сабакта Кыргызстан элдеринин жана чет өлкөлөрдүн маданиятынын өзгөчөлүгү менен таанышат.

6. ***инклюзивдик окутуу принциби***. Бул принцип укуктардын жана эркиндиктердин теңдик идеясын чагылдырат, функционалдык чектөөлөрүнө же башка айырмачылыктарына карабастан адамдын ички дүйнөсүнүн татаалдыгын түшүнүүнү ачып берет, бул окутуу процессинин бардык катышуучулары үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү кепилдейт. Бул принцип сабактын ар кандай этаптарында ишке ашырылат. Мугалим маалыматты киргизүүнүн ар кандай ыкмаларын колдонот: визуалдаштыруу, аудио жана видео жазуулар, кыймыл көнүгүүлөр. Маалымат менен иштөөдө мугалим окуучулардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн ар кандай түрлөрүн пландаштырат: жупта, топтордо, жекече иштөө. Окуучулар тарабынан натыйжаларды көрсөтүү ар түрдүү тапшырмалар аркылуу уюштурулушу мүмкүн: сүрөт тартуу, оозеки баяндоо, жазуу жүзүндөгү текст, видео, сахналаштыруу ж.б.
7. ***социалдык жана гендердик сезимталдуулук принциби***. Окуу материалдарынын, сүрөттөрдүн, видеолордун, тексттердин жана окутуу ыкмаларынын мазмуну социалдык жана гендердик басмырлоодон таза болууга тийиш. Мугалим бардык окуучуларга социалдык тегине, жынысына жана башка айырмачылыктарына карабастан өз жетишкендиктерин көрсөтүүгө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берет.
8. ***колдоочу окутуу принциби.*** Англис/чет тили сабагында мугалим тапшырманы аткаруу жана максаттарга жетүү үчүн окуучуга скаффолдинг – колдоо көрсөтөт. Бул окуучулардын тажрыйбасына таянуу, текст менен иштөөдө диаграммаларды, таблицаларды берүү, окуу жана көрүү учурунда текстти бөлүктөргө бөлүү, оозеки баяндама жана жазуу иштеринин планын берүү, жуптарда, топтордо өз ара үйрөнүү жана өз ара текшерүү, тапшырмалардын аткарылыш үлгүлөрүн берүү колдонулат.

5-11-класстарда англис/чет тилин окутуу курсу концентрдик мамилеге негизделген. Концентрдик мамиле тилдик материалды акырындык менен татаалдаштыруу менен чет тилин окутуунун бир нече этаптарында бир эле теманы чечүүнү камтыйт. Окуучулар мурда окуган материалды эстешет, бышыкташат, терендеп билишет. Бул окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга, билимдердин жана көндүмдөрдүн туруктуулугуна жетишүүгө мүмкүндүк берет.

### 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Англис тили сабагында окуучу төмөнкү предметтик компетенттүүлүктөрдү өнүктүрөт:

- ***Тилдик компетенттүүлүк***– окуучу негизги мектеп үчүн тандалып алынган баарлашуу темаларына, чөйрөлөрүнө жана кырдаалдарына ылайык жаңы тилдик каражаттарды (фонетикалык, орфографиялык, лексикалык, грамматикалык) өздөштүрөт, үйрөнүлүп жаткан тилдин тилдик кубулуштары жөнүндө билимдерди, эне жана үйрөнүп жаткан тилде ойду билдирүүнүн ар кандай ыкмаларын өздөштүрөт.
- ***Кептик компетенттүүлүк*** – окуучу сүйлөө ишмердүүлүгүнүн 4 негизги түрү боюнча (сүйлөө, угуу, окуу, жазуу) коммуникативдик көндүмдөрдү, маалыматты кабыл алуу жана берүү учурунда тил ресурстарынын жетишсиздигинен кырдаалды жеңүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт.
- ***Социо-маданий компетенттүүлүк*** – окуучулардын тажрыйбасына, кызыгуусуна, психологиясына ылайык келген темалардын, чөйрөлөрдүн жана баарлашуу кырдаалынын алкагында үйрөнүп жаткан тилдин жардамы менен ар түрдүү элдердин маданияты менен таанышат, жеке жана башка айырмачылыктарга карабастан адамдар менен мамиле түзүүгө үйрөнөт; чет тилдердин маданияттар аралык баарлашуу шарттарында өз өлкөсүн, анын маданиятын көрсөтүү жөндөмүн калыптайт, окуучу

жалпы жана атайын окуу көндүмдөрүн өнүктүрөт, тилдерди жана маданияттарды өз алдынча үйрөнүү үчүн жеткиликтүү болгон ыкмалар лар менен таанышат, анын ичинде жаңы информациялык технологияларды колдонот.

**Предметтик компетенттүүлүктөр функционалдык жактан түзүлөт:**

– лексикалык жана грамматикалык тапшырмалар грамматикалык эрежелерди жаттоону жокко чыгарат. Окуучулар оозеки жоопторду, сүйлөмдөрдү, жазма тексттерди түзүүдө жаңы сөздөрдү жана грамматиканы колдонушат. Окуу материалы өлкөнүн жана дүйнөнүн маданияттарынын көп түрдүүлүгүн чагылдырат.
– тапшырмалар окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган: маалыматты издөө жана табуу, текстти талдоо, маалыматтарды салыштыруунун негизинде корутундуларды түзүү;
– текст менен иштөө үч этапан турат: текстке чейин, текст менен иштөө, тексттен кийин;
– жаңы лексиканы киргизүү жана аны менен иштөө үчүн семантизациянын ар кандай ыкмалары колдонулат: сүрөттөр, кыймылдар аркылуу, сөздү бөлүктөр боюнча талдоо, антоним жана синонимдерге таянуу;
– 4 кеп ишмердүүлүн калыптануу: угуу, окуу, сүйлөө, жазуу;
– сабакта ар түрдүү тексттерди колдонуу: туташ, туташ эмес, аралаш, курама *(меню, афиша, жарнама, жүгүртмө ж.б.)*

### 2.4 Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Жалпы билим берүү системасынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарты төмөнкүдөй негизги компетенцияларды аныктайт:

***Маалыматтык компетенттүүлүк*** – бул окуучулардын маалыматты өз алдынча издөөгө, талдоого, тандоого, иштеп чыгууга, анын ишенимдүүлүгүн баалоого, жүйөлүү корутундуларды түзүүгө, критикалык ой жүгүртүүгө жана өз ишмердүүлүгүн пландаштыруу жана өткөрүү боюнча негизделген чечимдерди кабыл алууга даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү, диалог түзө билүү, көйгөйлөрдү чечүү үчүн зарыл маалыматты жана аны оозеки жана жазуу жүзүндө берүү, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу жөндөмдүүлүгү.

***Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк*** – бул өзүнүн умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен байланыштыруу, позициялардын ар түрдүүлүгүн таануу жана баалуулуктарды (маданий, диний, этникалык, гендердик, кесиптик, жеке) урматтоонун негизинде өз көз карашын коргоого даярдыгы; негизги демократиялык жана жарандык укуктарды жана эркиндиктерди түшүнүү жана кабыл алуу, Мекенди сүйүү, улуттук каада-салттарды урматтоо, Кыргызстандын маданий мурастарын жана жаратылыш байлыктарын урматтоо; маданий көп түрдүүлүктү түшүнүү жана «Кыргыз жараны» жалпы жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу.

***Өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү*** – өзүнүн потенциалдуу жана актуалдуу касиеттерин, инсандык, индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн, башка адамдар менен болгон мамилесин билүү, жеке психологиялык жана жүрүм-турум мүнөздөмөлөрүн өзгөртүү боюнча максаттуу иштөө, келечектеги кесиптик иш-аракеттерди тандоо үчүн маалыматта, окууда жана турмуштук кырдаалдардагы көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды табуу, аларды чечүү жана аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүүдө чечүү, изилдөө, чыгармачылык жана долбоордук иштерди аткаруу үчүн критикалык ой жүгүртүү жана талдоо көндүмдөрүн колдонуу.

Заманбап методдордун айырмалоочу өзгөчөлүгү – билим берүү процессинин шарттарын табигый баарлашуу шарттарына жакындатууга умтулуу. Бул тенденциянын натыйжасы биргелешкен эки тараптуу жана чыгармачылык ишмердүүлүктүн натыйжасында келип чыккан предметтик компетенциялардын – лингвистикалык, кептик жана социалдык-маданий жактан калыптанышы болду.




1-Сүрөт. Негизги жана предметтик компетенциялардын ортосундагы байланыш

Предметтик компетенттүүлүктөр окуучулардын реалдуу коммуникативдик керектөөлөрүн, баарлашуу үчүн зарыл болгон өз ара макулдашылган көндүмдөрдүн болушун аныктайт, негизги компетенттүүлүктөрдү ишке ашырууга алып келет: маалыматтык, социалдкы-коммуникативдик, өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү. Кептик жана тилдик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу окуучулардын негизги маалыматтык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган. Кептик жана социалдык-маданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу, өз кезегинде коммуникативдик компетенттүүлүктүн өнүгүүсүнө түрткү берет. Окуучулар өздөрүнүн өлкөсү, маданияты, жарандык иденттүүлүгү жөнүндө «Кыргыз жараны» идеясын өнүктүрүүгө багытталган майрамдар, спорт, искусство ж.б. аркылуу ар түрдүү элдердин маданияты менен таанышат. Ар түрдүү маданияттарды талкуулоо жана салыштыруу окуучуларды цивилизациялуу түрдө өз көз карашын билдирүүгө, көп түрдүүлүктү, гендердик теңчиликти жана дискриминацияга жол бербөөнү таануунун негизинде түрдүү адамдар менен кызматташууга үйрөтөт.

Өзүн-өзү таанып билүү жана көйгөлөрдү чечүү окутуунун интерактивдүү ыкмаларын жана реалдуу маселелерди чечүүнүн жолдорун тандоо жана окуучулардын өз алдынча чечим кабыл алуусу менен байланышкан окуу ишинин ар кандай формаларын колдонууда калыптанат.

Негизги компетенттүүлүктөр менен бирге предметтик компетенттүүлүктөр төмөнкү шарттарда ишке ашырылышы мүмкүн:

– окуучулар долбоордук иш-чараларга активдүү катышуусу;
– окуу процессин окуучулардын өз алдынчалыгын, уюштуруучулук жана жоопкерчиликтүүлүгүн өнүктүрүүгө багыттоо;
– жемиштүү жеке, топтук, жуптук иштерди уюштуруу;
– окуучуларда дүйнөнү бүтүндөй кабыл алуунун калыптанышына алып келүүчү билим берүү багыттарын, жалпы билим берүү процессин интеграциялоо;
– максаттарды коюуда жана аларга жетишүүдө тажрыйба алуу үчүн шарттарды түзүү;
– практикалык жана турмуштук маселелерди чечүү үчүн окуу процессинде алынган билимдерди жана көндүмдөрдү колдонуу.

## 2.5 Мазмундуу тилкелер

**Окуу материалын мазмундуу тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү**

5-11-класстар үчүн "Чет тил" предмети боюнча стандарттын мазмундуу тилкелери "Чет тилин билүү боюнча жалпы европалык компетенциялардын: Изилдөө, окутуу, баалоо" ("Common European Framework of Reference: Learning, Teaching, Assessment") мазмунун чагылдырат. "Чет тилин билүү боюнча жалпы европалык компетенциялар: Окуу, окутуу, баалоо" - бул чет тилин окутуу ыкмаларын системалаштырган жана тилди билүү деңгээлин баалоону стандартташтырган документ. Жалпы европалык компетентциялар тутуму үч этапка бөлүнөт: A, B, C, алар өз кезегинде эки этапка бөлүнөт. Ошентип, европалык лингвистикалык компетенцияларды баалоо системасы боюнча тилди билүүнүн 6 деңгээли бар: A1, A2, B1, B2, C1, C2. Ар бир деңгээл үчүн окуучунун окуу, угуу, сүйлөө жана жазуу жагынан алган билими жана жөндөмү сүрөттөлөт.

Бул документ Европанын заманбап тилдерин өздөштүрүү жаатында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүгө, тилдик жана маданий көп түрдүүлүктү сактоого, окуу процессинде окуучунун ролун күчөтүүгө, анын мотивациясын, өз алдынчалыгын жогорулатууга, өзүн-өзү сыйлоо жөндөмүн өнүктүрүүгө, чет тилин үйрөнүү/окутуу процессинде рефлексивдүү көндүмдөрдү калыптандырууга өбөлгө түзөт. Европа Кеңеши тарабынан Европа биримдигинин өлкөлөрү үчүн иштелип чыккандыктан, компетенцияларды аныктоонун бул системасы дүйнөнүн бир катар башка өлкөлөрүндө да колдонулат. Жалпы европалык компетенциялар тутумун колдонуунун негизги артыкчылыгы окуучулардын мобилдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат.

Орто жана жогорку класстарда чет тилин билүү боюнча жалпы европалык компетенцияларга ылайык төмөнкү деңгээлдер аныкталган:

1-таблица. Класстар боюнча чет тилин өздөштүрүү деңгээлдери.

| | | |
|---|---|---|
| Элементардык билүү | A2 Жөндөмдүүлүк деңгээли | 5-класс – Элементардык деңгээл / Elementary |
| | A2 + Босогого чейинки деңгээл | 6-класс – Баштапкы орто деңгээл / Pre-Intermediate |
| | A2 + Босогого чйинки деңгээл | 7-класс - Баштапкы орто деңгээл / Pre-Intermediate |
| | A2 + Босогого чйинки деңгээл | 8-класс – Орто деңгээл / Pre-Intermediate |
| Өз алдынча билүү | B1 Босого деңгээли | 9-класс – Орто деңгээл / Intermediate |
| | | 10-класс — Орто деңгээл / Intermediate |
| | B1+ Босого деңгээли | 11-класс — Орто деңгээл / Intermediate |

Мектептин 5-11-класстарындагы англис тили курсу өз ара тыгыз байланышкан окуу материалдарынан турат, алар төмөнкү мазмундук линияларга бириктирилген:

- социалдык-тиричилик чөйрөсү;
- социалдык-маданий чөйрө;
- окуу-эмгек чөйрөсү.

2-таблица. Тематикалык материалдарды мазмундуу тилкелер боюнча бөлүштүрүү

| | **5-7-класс** | **8-9 класс** | **9-11-класс** |
|---|---|---|---|
| **Социалдык тиричилик чөйрөсү**. | Үй-бүлөдөгү жана достор менен болгон мамилелер (гендердик айырмачылыктарга карабастан үй-бүлөдөгү жоопкерчилик). Адамдын келбети. Эс алуу жана хоббилер (спорт, музыка, кино/театрга баруу, аттракциондор паркы). Сатып алуулар. Кат алышуу. Ден соолук жана жеке гигиена (өз ден соолугу үчүн жоопкерчилик). | Үй-бүлөдөгү, достор менен, мектептеги инсандар аралык мамилелер (социалдык, гендердик, этникалык, жеке айырмачылыктарга карабастан толеранттуу мамиле); адамдын келбети жана мүнөздөмөлөрү (этникалык, жеке көп түрдүүлүк); эс алуу жана хобби (спорт, музыка, кино/театрга баруу, дискотекалар, кафелер (гендердик жана башка айырмачылыктарга карабастан тандоо)); жаштар модасы; сатып алуулар, чөнтөк акча. Сергек жашоо образы (туура тамактануу, спорт менен машыгуу). | Үй-бүлөнүн күнүмдүк жашоосу, анын кирешеси, шаардагы батирде же айыл жериндеги үйдө жашоо жана жашоо шарттары. Үй-бүлөдө үй милдеттерин бөлүштүрүү. Үй-бүлөдө жана мектепте баарлашуу, достор жана тааныштар менен инсандар аралык мамилелер. Ден соолук, медициналык кызматтар (пайдалуу адаттар). |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Социалдык-маданий чөйрө** | Озунун өлкөсү жана тилин үйрөнүп жаткан өлкөлөрү (этникалык көп түрдүүлүк). Алардын географиялык жайгашуусу, климаты, аба ырайы, борборлору, кооз жерлери (маданий эстеликтерди сактап калуу). Мектеп окуучуларынын шаардык / айылдык жашоо чөйрөсү. Айлана-чөйрөнү коргоо (экологиялык аң-сезим). | Озунун өлкөсү жана тилин үйрөнүп жаткан өлкөлөрү, алардын маданий өзгөчөлүктөрү (ар кандай этникалык топтордун улуттук майрамдары, белгилүү даталар, каада-салттары, үрп-адаттары), кооз жерлери, изилденип жаткан тилдин жана Кыргызстандын өлкөлөрү боюнча саякаты; көрүнүктүү адамдар, алардын илимге жана дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы; жалпыга маалымдоо каражаттары (басма сөз, телекөрсөтүү, радио). Жаратылыш жана экология маселелери. | Азыркы коомдогу жаштар. Жаштардын эс алуусу: ийримдерге, спорттук секцияларга жана кызыкчылыктар боюнча клубдарга баруу (гендердик, социалдык айырмачылыктарына карабастан тандоо). Өлкө / өлкөлөр алар үйрөнүп жаткан тилдин маданий кооз жерлери. Өз өлкөсүнө жана чет өлкөлөргө саякаттоо, аны пландаштыруу жана уюштуруу, туристтик жайлар, кооз жерлерди көрүү. Жаратылыш жана экология, илимий-техникалык прогресс. |
| **Окуу-эмгек чөйрөсү** | Мектеп жана мектеп турмушу (коопсуз жана бактылуу мектеп), окуган сабактар жана аларга болгон мамиле. Каникулдар. | Мектепте билим берүү, мектеп турмушу (инклюзивдик мектеп), окулган предметтер жана аларга болгон мамилелер; кат алышуу; кесип тандоо көйгөйлөрү жана чет тилинин ролу (кесип тандоодо дискриминацияга жол бербөө). | Заманбап кесиптердин дүйнөсү Жогорку (келечектин кесиптери, кесип тандоодо дискриминацияга жол бербөө). Жогорку окуу жайларында билим алууну улантуу мүмкүнчүлүктөрү. Эмгек жана кесиптик ишмердүүлүктүн, кесиптердин келечектеги чөйрөсүн тандоо көйгөйлөрү, жакынкы келечекке пландар. Эл аралык байланыш тилдери жана азыркы дүйнөдө кесип тандоодо алардын ролу (көп тилдүүлүктүн ролу). |

**Курстун логикасы. 5-11-класстарда өтө турган темалар:**

1. Инсан
2. Үй-бүлө
3. Мектеп
4. Турак жай, жашаган жери
5. Сатып алуулар, тамак-аш, кийим-кече.
6. Спорт жана ден соолук
7. Күнүмдүк жашоо
8. Курчап турган дүйнө
9. Менин өлкөм
10. Тилдин үйрөнүп жаткан өлкөлөр
11. Илим жана техника дүйнөсү
12. Адабият, музыка жана искусство дүйнөсү

3-таблица. Окуу материалдарын класстар боюнча бөлүштүрүү

| Тема | 5-класс | 6- класс | 7-класс | 8-класс | 9-класс | 10 -11-класстар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Инсан** | Сырткы көрүнүшү жана мүнөзү (көп түрдүүлүк). Атынын мааниси. Кызыкчылыктар (басмырлабоо).<br><br>Кесиптер (жынысы, социалдык жана башка айырмачылыктары на карабастан).<br><br>Күнүмдүк тартип (сергек жашоо образы). | Менин өмүр баяным. Адаттар, күнүмдүк иштер (дени сак адаттар, жоопкерчилик), жеке тажрыйба. Иш чөйрөлөрү. | Белгилүү инсандардын өмүр баяны (ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү).<br><br>Кыргызстандагы белгилүү инсандардын өмүр баяны (жарандык иденттүүлүк, ар кандай этностук топтор). | Адам жана коом (калыстык, жоопкерчилик, инклюзия).<br><br>Адам укугу жана эркиндиги (басмырлабо, гендердик теңчилик, социалдык адилеттүүлүк). Жаштардын кыялы, үмүтү жана умтулуусу. | Инсандык мамиле (өз таланттарын билүү, өнүгүүгө умтулуу).<br><br>Бакыт түшүнүгү. Келечектеги пландар | Адамдын инсандык эң мыкты көрсөткүчтөрү (сабырдуулук, эмпатия, жоопкерчилик).<br><br>Адамдын улуу жетишкендиктери (илим, спорт, маданият, коомдогу дүйнөлүк лидерлер). |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Үй-бүлө** | Үй жумуштары (үй жумуштарын адилеттүү бөлүштүрүү).<br>Үй-бүлөнүн жашоосу (камкордук, өз ара жардам)<br>Үй-бүлө мучөлөрү (улууга урмат, кичүүгө кам көрүү). | Үй-бүлө кызыкчылыктары. Үй-бүлөлүк каада-салттар жана окуялар, көйгөйлөр (жардам, кам көрүү). Кыргызстандагы үй-бүлөлүк салттар (үй-бүлөлүк баалуулуктар). | Адамдар аралык үй-бүлөдөгү, достор менен болгон мамилелер (чынчылдык, жоопкерчилик). Тилин үйрөнүп жаткан өлкөнүн үй-бүлөлүк салттары (үй-бүлөлүк баалуулуктардын окшоштугу). | Заманбап үй-бүлө.<br>Дүйнөдөгү жана Кыргызстандагы үй-бүлөлүк салттар жана ырым жырымдар (үй-бүлөлүк баалуулуктардын окшоштугу). | Ата-энелер жана балдар ортосундагы мамиле (улууга урмат, кичүүлөргө кам көрүү). | Негизги дүйнөлүк диндер (жалпы баалуулуктар)<br>Үй-бүлө жана дин (жалпы улуттук жана диний баалуулуктар). |
| **Мектеп** | Мектеп предметтери. Сабактардын жүгүртмөсү, менин сүйүктүү сабагым, мектептеги жүрүм-турум эрежелери. Эсеп 1-1000 | Жылдын ар кайсы мезгилинде каникулдардын өтүүсү (сергек жашоо образы). | Сабактан тышкаркы иш-чаралар (өз талантын билүү, өнүктүрүүгө умтулуу). | Балдар жана жаштар уюмдары (социалдык активдүүлүк, социалдык маселелерди чечүү). | Кесип тандоо (гендердик, социалдык, жеке айырмачылыктар-га карабастан). | Өспүрүм жана анын дүйнөсү (дени сак адаттар, жоопкерчиликтүү жүрүм-турум). |
| **Турак жай,**<br>**Жашаган жер** | Короо, үй чарбасы, үйдөгү милдеттери (адилет бөлүштүрүү, бас-мырлабоо, өзгөчө муктаждыктар) | Айылда жана шаарда жашоо, шаарда жана айылда жашоонун оң жана терс жактары. | Адаттан тыш үйлөр, келечектеги үйлөр. | Жашоо деңгээли жана жашоо образы (социалдык экологиялык жашоо образы, өзгөчө муктаждыктар). | Заманбап щаарлардын жана айылдардын койгойлору (коопсуз, ыңгайлуу шаар, айыл). | Шаардык архитектура (адамдардын ар кандай категориялары үчүн ыңгайлуу шаар, өзгөчө муктаждыктар). |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сатып алуулар.**<br><br>**Тамак-аш Кийим** | Дүкөндөрдүн түрлөрү. Эмнени кайдан сатып алса болот. Кийим сатып алуу (жоопкерчилик-түү керектөө). | Узундук жана салмак ченемдери, экологиялык таза таңгак (пластик колдонбоо). | Ресторан, кафе, рецепттер (туура тамактануу). | Дени сак тамактануу. Бүгүнкү Мода, популярдуу брэнддер (көп түрдүүлүк). | Азыркы дүйнөдө адам жана акча. Акчалай эсептешүү формалары (онлайн сооданын коопсуздугу). | Кыргызстандагы жана Улуу Британиядагы белгилуу дукондор. Банктар жана банктагы кызмат корсотуу шарттары (финансылык коопсуздук). |
| **Спорт жана ден-соолук** | Спорт. Спорттун түрлөрү. Мен жактырган спорттун түрү (гендерлик жана социалдык басмырлабоо, өзгөчө муктаждыктарды эске алуу). | Кыргызстандагы спорт оюндары (аялдар жана эркектер). | Олимпиадалык оюндар тарыхынан (Олимпиадалык оюндарынын максаты). | Бүгүнкү күндөгү олимпиадалык оюндар (Кыргызстандын олимпиада чемпиондору). | Адамдын жашоосунда спорттун тийгизген таасири (сергек жашоо образы). | Белгилүү спорт чеберлери (ар кайсы өлкөлөрдөн катышкан аялдажана эркектер). |
| **Күнүмдүк жашоо** | Ооруканада. | Шаарда. Шаардагы транспорт каражаттары (ыңгайлуу транспорт, өзгөчө муктаждыктар). | Көңүл ачуу. | Жаштардын көйгөйлөрү (субмаданияттар, коопсуз жүрүм-турум). | Мен жактырган иш (басмырлабоо, өзгөчө муктаждыктарды эске алуу). | Адам жашоосундагы маанилүү окуялар. Адамдын төрөлүшү, үйлөнүү. |
| **Курчап турган дүйнө** | Айлана-чөйрө.<br>Пейзаж. Булганган аба.<br>Климаттык өзгөрүүлөр.<br>Мал чарбасы<br>Аба-ырайы. | Планета коркунучта (экологиялык проблемалар). | Мейкиндик. Жер. Адам (адамдын жыргалчылыгы үчүн илимий ачылыштар). | Заманбап экологиялык көйгөйлөр. | Адамдардын айлана-чойрого тийгизген таасири (жоопкерчиликтүү керектөө). | Табигый кырсыктар. Көйгөйлөрдү чечүүнүн мүмкүн болгон жолдору (экологиялык аң-сезим). |

| **Менин өлкөм** | Борбор жана анын кооз жерлери. | Географиялык жайгашуусу. Климат. Аба-ырайы. | Маданият жана салттар. Улуттук оюндар (көп түрдүүлүк). | Кыргызстандын ишкердик турмушу. Кыргыз бренддери. | Мекенге болгон сүйүү. Патриотизм, жарандык иденттүүлүк. | Кыргызстандагы саясат системасы. Кыргызстандын экономикасы. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Үйрөнүп жаткан тилдин өлкөлөрү** | Англия, Уэльс, Шотландия жана Тундук Ирландия. Жайгашкан жери, борбору, белгилүү адамдар (этникалык, гендердик, башка айырмачылыктар-га карабастан). | АКШ, жайгашкан жери, борбору, белгилүү адамдары (этникалык же гендердик айырмачылыктарга карабастан). | Канада, жайгашкан жери, борбору, белгилүү адамдары (этникалык же гендердик айырмачылыктар-га карабастан). | Австралия жана Жаны Зеландия, жайгашкан жери, борбору, белгилүү адамдары (этникалык же гендердик айырмачылыктарга карабастан). | Англис тили – эл аралык баарлашуу тили. Азыркы дүйнөдө тилдин ролу (көп тилдүүлүктүн мааниси). | Англис тилдуу олколордун саясат системасы. Үйронүп жаткан тилдин өлкөлөрүнүн экономикасы |
| **Илим жана техника дүйнөсү** | Медицина. Компьютерлер жана гаджеттер, интернет жана интернет коопсуздугу | Массалык маалымат каражаттары (пресса, ТВ) | Интернеттен маалымат издөө. Интернет аркылуу кат алышуу (социалдык медиа коопсуздугу). | Социалдык тармактар: Facebook ж.б. | Адамзаттын революциялык ачылыштары жана ойлоп табуулары. | Дүйнөнүн жети керемети. Жер планетасынын техногендик жана жасалма эмес кереметтери. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Адабият, музыка, искусство жана маданият дүйнөсү** | Адабият. Белгилүү жазуучу жана анын чыгармалары. Салттар, уламыштар, жомоктор, Тамсилдер. Улуттук кийим. Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү улуттук майрамдар (көп түрдүүлүк). | Искусство түрлөрү. Театр жана кино. Кыргызстандын атактуу искусство ишмерлери (этникалык же гендердик айырмачылыктар-га карабастан.) | Театр жана кино тарыхы. Кыргызстандын атактуу искусство ишмерлери (этникалык же гендердик айырмачылыктарг а карабастан.) | Кыргыз элдик чыгармачылыгы (маданий көп түрдүүлүк). | Адам сулуулуктун жаратуучусу. Дүйнөнүн жана Кыргызстандын белгилүү сүрөтчүлөрү (этникалык же гендердик айырмачылыктар-га карабастан.) | Музыка - адамдын жашоосунда. Дүйнөнүн жана Кыргызстандын белгилүү композиторлору жана алардын чыгармалары (маданий көп түрдүүлүк). |

## 2.6 Предметтер аралык байланыш жана өтмө тематикалык тилкелерди ишке ашыруу

Сабактын элементи катары предметтер аралык байланыштарды мугалимдер ишинин ар кандай баскычтарында башка предметтерден билим алууну талап кылган белгилүү бир таанып-билүү маселелерин чечүү үчүн колдоно алышат.

**Чет тилин башка предметтер менен интеграциялоонун мисалдары**

***Адабият менен интеграциялоо.*** Предметтер аралык байланыштын негизги булагы чет тилин өздөштүрүү куралы катары текст жана текст боюнча иштөө болушу мүмкүн. Ар бир модулда кичинекей чыгармалар жана авторлордун өмүр баяны көрсөтүлөт.

***География менен интеграциялоо.*** 5-класста окуучуларга тексттерде Кыргызстандын жайгашкан жери, аны менен чектешкен коңшу мамлекеттер жөнүндө негизги географиялык маалыматтар келтирилет. Башка предметтер менен байланыш уюштуруу-методикалык планда да белгиленет. Мындай учурда мугалим окуучуларга Кыргыз Республикасынын географиялык картасы боюнча иш сунуш кыла алат.

***Биология менен интеграциялоо.*** "Кыргызстан" модулу боюнча 6-класста "Дары өсүмдүктөр" темасы боюнча окуучуларга өсүмдүктөр жөнүндө, алардын түзүлүшү жөнүндө негизги маалыматтарды камтыган текст сунушталат. Ошол сыяктуу эле, 7-класста "Канаттуулар" темасы боюнча окуучуларга канаттуулардын түзүлүшүн сүрөттөгөн элементардык маалыматтарды камтыган текст сунушталат. "Ден соолук" модулунда жогорку мектепте адам денесинин ички түзүлүшүн сүрөттөгөн текстти алууга болот. Албетте, текст негизги маалыматты гана камтышы керек. Текстти тандоодо мындай мамиле окуучуларга сөздөгү лексиканы кайталоого жана активдештирүүгө жардам берет.

***Көркөм өнөр менен интеграциялоо.*** Окуудагы чыгармачылык иш түрүндө маалымат объектисин түзүү жана иштеп чыгуу (үй-бүлөсүн, үйүн, бөлмөсүн, мектебин тартуу, ушул топтолгон материалдан аталышы менен китеп түзүү, мисалы, "Менин дүйнөм", "бул менмин" ж.б.).

* Текстти пландаштыруу.

* Мазмундун таблицасын түзүү.

* Керектүү маалыматты издөө. Маалымат булактары: "менин үй-бүлөм"деген темада сабактарда алынган маалымат базасы.

* Презентацияны түзүү.

* Балдарга арналган китеп аркылуу презентация берүү.

***МКТ менен интеграциялоо.*** Калыптарды колдонуу менен презентация түрүндө комплекстүү маалымат объектисин түзүү жана иштетүү.

* Презентацияны жана слайдды пландаштыруу.

* Презентация элементтерин түзүү (текст, таблица, сүрөт, схема ж. б.)

* Презентация түзүү; сүрөттөрдү киргизүү.

* Анимацияны жөндөө.

Презентацияны проектордо же монитордо көрсөтүү.

***Музыка менен интеграциялоо.*** Балдар уккан заманбап популярдуу музыка окуучулардын жаш курагын эске алуу менен тандалат. Авторлор жана чыгарманын келип чыгышы жөнүндө маалымат менен тааныштырышат. Сүйлөө конструкцияларын колдонуу менен музыкалык чыгарманын тексти менен иш жүргүзүлот.

## 3-бөлүм. Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо

### 3.1 Окутуунун күтүлгөн натыйжалары

**Биринчи цифра** - предметтик компетенттүүлүк.
**Экинчи цифра** – мазмундук тилке.
**Үчүнчү цифра** - билим берүүн натыйжасы.

4-таблица. Билим берүү натыйжалары

| Предметтик компетенттүүлүктөр / Мазмундук тилкелер | ПК 1 Тилдик | ПК 2 Кептик | ПК 3 Социалдык-маданий |
|---|---|---|---|
| **1. Социалдык-тиричилик чөйрөсү** | 1.1.1. Жөнөкөй инструкцияларды, тапшырмаларды жана мугалимдин көрсөтмөлөрүн баарлашуунун жөнөкөй кырдаалдарында түшүнөт.<br><br>1.1.2. Окулган материалдын алкагында жөнөкөй сөз айкаштарын жана сөз айкаштарын билет.<br><br>1.1.3. Сөздөрдү жана сөз айкаштарын жөнөкөй жана татаал сүйлөмгө айкалыштырат.<br><br>1.1.4 Жалпы жана атайын суроолорду түзөт. | 2.1.1. Монолог жана диалогдорду түзөт.<br><br>2.1.2. Белгилүү темалардын алкагында тексттерди түзөт.<br><br>.3. Өз каалоолору жөнүндө сүйлөйт, түшүнөт жана саламдашат, пикирин айтат, өз пикирин колдоо үчүн аргументтерди келтирет.<br>2.1.4 Керектүү маалыматты сурайт.<br><br>2.1.5. Ар түрдүү жанрдагы тексттерди жазат. | 3.1.1. Сүйлөшүүдө сүйлөө этикетинин нормаларын билет жана сактайт<br><br>.2. Саламдашат жана суроо-талаптарга жооп берет.<br><br>3.1.3. Ыраазычылыгын, макулдугун, макул эместигин, кызыгуусун билдирет.<br><br>3.1.4. Урмат, жоопкерчиликти көрсөтөт, гендердик айырмачылыктарга карабай аракеттенет (кесибин, хоббисин, спортту тандайт).<br><br>3.1.5. Кошумча маалыматтарды (сөздүк, энциклопедия) колдонот. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2. Социалдык-маданий чөйрөсү** | 2.1.1. Жай жана суроо сүйлөмдөрдү окууда туура интонацияны колдонот.<br>2.1.2. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү жана суроолорду түзөт<br>2.1.3. Инструкцияларды, суроо-талаптарды түзөт | 2.2.1. Окулуп жаткан теманын алкагында түрдүү жанрдагы тексттерди окуп, түшүнөт.<br>2.2.2 Суроолорго толук жооп берет, пикирин айтат, өз пикирин колдоо үчүн аргументтерди келтирет<br>2.2.3. Окуяларды, объектилерди жана адамдарды кыскача сүрөттөйт.<br>2.2.4. Окуяларды, буюмдарды жана адамдарды, курчап турган дүйнөнү сүрөттөйт | 2.3.1. Чет тилдүү өлкөлөрдүн маданияты, жашоосу, саясаты жөнүндө билет<br>2.3.2. Өз маданиятынан мисал келтирет.<br>2.3.3. Чет тилдүү өлкөлөрдүн макал-лакаптарын коммуникативдик кырдаалда колдонот.<br>2.3.4. Гендердик теңчиликти, социалдык инклюзияны жана дискриминацияны (спорт, маданият, илим) эске алуу менен маданияттын үлгүлөрү менен тааныш.<br>2.3.5. Ар түрдүү адамдардын спорттун жана маданияттын өнүгүшүнө кошкон салымы аркылуу көп түрдүүлүктүн баалуулугун аныктайт.<br>2.3.6. Кошумча булактардан (энциклопедия, көркөм адабият, фильмдер) мисалдарды келтирет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3. Окуу-эмгек чөйрөсү** | 3.1.1. Кепте негизги темалар боюнча лексиканы билет, түшүнөт жана колдонот.<br><br>3.1.2. Суроо берет жана суроолорго кыскача жооп берет.<br><br>3.1.3. Түрдүү суроолорду түзөт.<br><br>3.1.4. Сабакта инструкцияларды аткарат. | 3.2.1. Кепте негизги грамматикалык эрежелерди колдонот.<br><br>3.2.2. Объекттерди сүрөттөйт, көз карашын билдирет, тандоосун аргументтеп талашат.<br><br>3.2.3. Учур, өткөн жана болор чакта окуялар жөнүндө сүйлөйт.<br><br>3.2.4. Изилденген темалардын чегинде байланыштуу тексттерди жазат. | 3.3.1. Кепте өздөштүрүлгөн сөз айкаштарын туура колдонот.<br><br>3.3.2. Маанилүү окуяларды жана алардын бүтүндөй өлкө жана коомчулук үчүн маанисин атайт.<br><br>3.3.3. Баарлашууда сылык сөздөрдү колдонот.<br><br>3.3.4. Иш-аракеттерди жекече жана башкалар менен бирге пландаштырат.<br><br>3.3.5.Гендердик, социалдык жана жеке айырмачылыктарына карабастан тандоо жасайт: үй-бүлөдөгү, класстагы, мектептеги жоопкерчилик; достор, классташтар менен мамилелер. |

### 3.2. Класстар боюнча натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү

5-таблица. Тилдик компетенттүүлүк

| | |
|---|---|
| ***5-класс*** | ***Графика жана орфография***<br>– лексика-грамматикалык материалдын чегинде сөздөрдү окуйт жана жазат.<br>***Фонетика***<br>– англис тилиндеги бардык тыбыштарды угуу менен адекваттуу сүйлөйт жана айырмалайт;<br>– сөздөрдөгү жана сөз айкаштарындагы туура басымдарды байкайт;<br>– семантикалык топторго сүйлөмдөрдү киргизет;<br>– сүйлөмдөрдүн ар кандай түрлөрүндө туура интонацияны сактайт;<br>– угуу-сүйлөө жөндөмүн өркүндөтөт.<br>***Лексика***<br>– тематикалык картага ылайык лексикалык минимумду (500 лексикалык бирдикти) таанып жана кебинде колдонот.<br>***Грамматика***<br>кепте таанып жана колдонот:<br>– жайылтылбаган жана жалпы жөнөкөй сүйлөмдөр, анын ичинде бир нече жагдайлар бар;<br>– татаал сүйлөмдөр координациялоочу байланыштар менен; |

| | |
|---|---|
| | – суроолууу сүйлөмдөр (жалпы, атайын суроолор);<br>– ырастоочу жана терс формадагы жай сүйлөмдөр;<br>– этиштин бүтпөгөн учур чагы;<br>– этиштин уланды учур чагы;<br>– белгисиз, белгилүү жана нөлдүк артикли;<br>– зат атоочтун ээлик жондөмөсү;<br>– этиштен кийин герундий *like / love / hate / don't mind*;<br>– туура жана туура эмес этиштердин белгисиз өткөн чагы;<br>– сын атоочтун салыштырма жана артыкча даражасы;<br>– келээр чактын will модалдык этиши;<br>– этиштин -*ing* мүчөсү менен конструциялар (келээр чакты билдирүү үчүн);<br>– туура жана туура эмес этиштердин активдүү жана пассивдүү учурда колдонулушу;<br>– шарттуу сүйлөмдөрдүн биринчи түрү;<br>– модалдык этиштер (*can, have to, must*);<br>– фразалык этиштер;<br>– саналгыс  жана саналуучу зат атоочтор. |
| ***6-класс*** | ***Графика жана орфография***<br>– лексикалык-грамматикалык материалдын чегинде сөздөрдү окуйт, жазат.<br>***Фонетика***<br>– англис тилиндеги бардык тыбыштырды угуу менен адекваттуу сүйлөйт жана айырмалайт;<br>– сөздөрдөгү жана сөз айкаштарындагы туура басымдарды байкайт;<br>– семантикалык топторго сүйлөмдөрдү киргизет;<br>– жай жана суроо сүйлөмдөрдө туура интонацияны сактайт;<br>– угуу-сүйлөө көндүмдөрүн өркүндөтөт.<br>***Лексика***<br>– тематикалык картага ылайык лексикалык минимумду (650 лексикалык бирдикти) тааныйт жана кебинде колдонот.<br>***Грамматика.***<br>Кепте тааныйт жана колдонот:<br>– жалаң жана жайылма жөнөкөй сүйлөмдөрдү, анын ичинде бир нече бышыктоочу бар сүйлөмдөр;<br>– татаал сүйлөмдөр координациялоочу байланыштар менен;<br>– суроолууу сүйлөмдөр (жалпы, атайын суроолор);<br>– ырастоочу жана терс формадагы жай сүйлөмдөр; |

| | |
|---|---|
| | – этиштин белгисиз учур чагы;<br>– этиштин уланды учур чагы;<br>– этиштин кемчиликсиз учур чагы;<br>– этиштин бүтпөгөн келээр чагы;<br>– белгисиз жана белгилүү жана нөлдүк артикли;<br>– зат атоочтун ээлик жөндөмөсү;<br>– этиштен кийин герундий *like / love / hate / don't mind*;<br>– туура жана туура эмес этиштердин белгисиз өткөн чактары;<br>– этиштин уланды өткөн чагы;<br>– сын атоочтун салыштырма жана артыкча даражасы;<br>– келээр чактын will модалдык этиши;<br>– этиштин—ing мүчөсү менен конструкциялар (келээр чакты билдирүү үчүн);<br>– туура жана туура эмес этиштердин активдүү жана пассивдүүү учурда колдонулушу;<br>– нөл түрүндөгү шарттуу сүйлөмдөр;<br>– шарттуу сүйлөмдөрдүн биринчи түрү;<br>– модалдык этиштер (*can, have to,must*);<br>– фразалык этиштер;<br>– объект ат атоочтор;<br>– бекемдөөчү конструкциялар *so / such / very too;*<br>– ээлик сын атоочтор;<br>– ээлик ат атоочтор;<br>– жыштык тактоочтор;<br>– түз жана кыйыр толуктооч;<br>– *-ed, -ing* менен аяктаган сын атоочтор;<br>– сөз тузүү: *-tion* суффиксинин колдонулушу;<br>– божомолдорду билдирүүчү модалдык этиштер;<br>– саналгыс жана саналуучу зат атоочтор. |
| ***7- класс*** | ***Графика жана орфография***<br>– лексикалык-грамматикалык материалдын чегинде сөздөрдү окуйт, жазат<br>***Фонетика***<br>– англис тилиндеги бардык тыбыштарды угуу менен адекваттуу сүйлөйт жана айырмалайт.<br>– тааныш сөздөрдө жана сөз айкаштарында туура басымды сактайт, |

| | |
|---|---|
| | – жай, суроо жана илептүү сүйлөмдөрдө туура интонацияны сактайт,<br>– угуу-сүйлөө көндүмдөрүн өркүндөтөт.<br>***Лексика***<br>– тематикалык картага ылайык лексикалык минимумду (750 лексикалык бирдикти) тааныйт жана кебинде колдонот.<br>***Грамматика.***<br>Кепте тааныйт жана колдонот*:*<br>– жалаң жана жайылма жөнөкөй сүйлөмдөрдү, анын ичинде бир нече бышыктоочу бар сүйлөмдөр;<br>– багынычсыз байламтасы менен багынычсыз татаал сүйлөмдөр;<br>– аныктоочу багыңкы сүйлөмдөр;<br>– реалдуу жана реалдуу эмес мүнөздөгү багынычтуу татаал сүйлөмдөр (Conditional 0, 1 and 2);<br>– сурооолууу сүйлөмдөр (жалпы, атайын суроолор);<br>– ырастоочу жана терс формадагы жай сүйлөмдөр;<br>– этиштин бүтпөгөн учур чагы;<br>– этиштин уланды учур чагы;<br>– этиштин учур чагы;<br>– белгисиз, белгилүү жана нөлдүк артикли;<br>– зат атоочтун ээлик жөндөмөсү;<br>– этиштен кийин герундий like / love / hate / don't mind<br>– туура жана туура эмес этиштердин бүтпөгөн өткөн чагы;<br>– этиштин уланды өткөн чагы;<br>– сын атоочтун салыштырма жана артыкча даражасы;<br>– келээр чактын модалдык этиштери *will, may,might;*<br>– этиштин *-ing* мүчөсү менен конструкциялар (келээр чакты билдирүү үчүн);<br>– туура жана туура эмес этиштердин активдүү жана пассивдүү учурда колдонулушу;<br>– шарттуу сүйлөмдөрдүн экинчи түрү;<br>– фразалык этиштер;<br>– саналгыс жана саналуучу зат атоочтор;<br>– модалдык этиштер жана алардын эквиваленттери (*can, have to, must, should, ought to*);<br>– сын атоочтордун жана тактоочтордун салыштыруу даражалары, анын ичинде эрежеден тышкары түзүлгөн, сын атоочтор менен формасы боюнча дал келген тактоочтор;<br>– *used to* конструкциясы;<br>– татаал зат атоочтор; |

| | |
|---|---|
| | – *-ed, -ing* менен аяктаган сын атоочтор;<br>– тактоочторду түзүү. |
| ***8- класс*** | ***Графика жана орфография***<br>– лексикалык-грамматикалык материалдын чегинде сөздөрдү окуйт, жазат.<br>***Фонетика***<br>– англис тилиндеги бардык тыбыштарды угуу менен адекваттуу сүйлөйт жана айырмалайт;<br>– тааныш сөздөрдө жана сөз айкаштарында туура басымды сактайт;<br>– жай, суроо жана илептүү сүйлөмдөрдө туура интонацияны сактайт;<br>– угуу-сүйлөө көндүмдөрүн өркүндөтөт.<br>***Лексика***<br>– тематикалык картага ылайык лексикалык минимумду (850 лексикалык бирдикти) тааныйт жана кебинде колдонот.<br>***Грамматика***<br>Кепте тааныйт жана колдонот*:*<br>– жалаң жана жайылма жөнөкөй сүйлөмдөрдү, анын ичинде бир нече бышыктоочу бар сүйлөмдөр;<br>– багынычсыз байламтасы менен багынычсыз татаал сүйлөмдөр;<br>– реалдуу жана реалдуу эмес мүнөздөгү багыныччтуу татаал сүйлөмдөр (Conditional 0, 1 and 2);<br>– аныктоочу багыңкы сүйлөмдөр;<br>– суроолуу сүйлөмдөр (жалпы, атайын, альтернативдик суроо);<br>– ырастоочу жана терс формадагы жай сүйлөмдөр;<br>– этиштин уланды учур чагы;<br>– этиштин учур чагы;<br>– белгисиз, белгилүү жана нөлдүк артикли;<br>– зат атоочтун ээлик жөндөмөсү;<br>– этиштен кийин герундий *like / love / hate / don't mind;*<br>– туура жана туура эмес этиштердин белгисиз өткөн чактары;<br>– этиштин уланды өткөн чагы;<br>– этиштин өткөн чагы;<br>– сын атоочтун салыштырма жана артыкча даражасы;<br>– келээр чактын модалдык этиштери *will, may,might;*<br>– Этиштин *-ing* мүчөсү менен конструкциялар (келээр чакты билдирүү үчүн);<br>– туура жана туура эмес этиштердин активдүү жана пассивдүү учурда колдонулушу;<br>– шарттуу сүйлөмдөрдүн нөлдүк, биринчи жана экинчи түрү; |

| | |
|---|---|
| | – фразалык этиштер;<br>– саналгыс жана саналуучу зат атоочтор;<br>– модалдык этиштер жана алардын эквиваленттери (*can, have to, must, should, ought to* );<br>– сын атоочторду жана тактоочторду салыштыруу даражалары, анын ичинде эрежеден тышкары түзүлгөн сын атоочтор менен формасы боюнча дал келген тактоочтор;<br>– сын атоочтор жана предлогдор. |
| ***9-класс*** | ***Графика жана орфография***<br>– лексикалык-грамматикалык материалдын чегинде сөздөрдү окуйт, жазат.<br>***Фонетика***<br>– англис тилиндеги бардык тыбыштарды угуу менен адекваттуу сүйлөйт жана айырмалайт;<br>– тааныш сөздөрдө жана сөз айкаштарында туура басымды сактайт;<br>– жай, суроо жана илептүү сүйлөмдөрдө туура интонацияны сактайт;<br>– угуу-сүйлөө көндүмдөрүн өркүндөтөт.<br>***Лексика***<br>– тематикалык картага ылайык лексикалык минимумду (850 лексикалык бирдикти) тааныйт жана кебинде колдонот.<br>***Грамматика***<br>Кепте тааныйт жана колдонот:<br>– жалаң жана жайылма жөнөкөй сүйлөмдөрдү, анын ичинде бир нече бышыктоочу бар сүйлөмдөр;<br>– багынычсыз байламтасы менен багынычсыз татаал сүйлөмдөр;<br>– аныктоочу багыңкы сүйлөмдөр;<br>– реалдуу жана реалдуу эмес мүнөздөгү багынычтуу татаал сүйлөмдөр (Conditional 0, 1 and 2);<br>– суроолуу сүйлөмдөрдүн бардык түрлөрү (жалпы, өзгөчө, альтернативалуу, бөлүүчү суроолор);<br>– ырастоочу жана терс формадагы жай сүйлөмдөр;<br>– келээр чакты билдирүү үчүн этиштин бүтпөгөн учур чагы;<br>– этиштин уланды учур чагы;<br>– этиштин учур чагы;<br>– белгисиз, белгилүү жана нөлдүк артикли;<br>– зат атоочтун ээлик жөндөмөсү;<br>– этиштен кийин герундий *like / love / hate / don't mind*;<br>– туура жана туура эмес этиштердин белгисиз өткөн чактары;<br>– этиштин уланды өткөн чагы;<br>– этиштин өткөн чагы; |

| | |
|---|---|
| | – сын атоочтун салыштырма жана артыкча даражасы;<br>– келээр чактын модалдык этиштери *will, may,might*;<br>– Этиштин *-ing* мүчөсү менен конструкциялар (келээр чакты билдирүү үчүн);<br>– туура жана туура эмес этиштердин активдүү жана пассивдүү учурда колдонулушу;<br>– шарттуу сүйлөмдөрдүн үчүнчү түрү;<br>– мурунку көнүмүш аракеттерди билдирүү үчүн колдонулган *used to* конструкциясы;<br>– фразалык этиштер;<br>– саналгыс жана саналуучу зат атоочтор;<br>– модалдык этиштер жана алардын эквиваленттери (*can, have to, must, should, ought to*);<br>– сын атоочторду жана тактоочторду салыштыруу даражалары, анын ичинде эрежеден тышкары түзүлгөн сын атоочтор менен формасы боюнча дал келген тактоочтор. |
| ***10-класс*** | Орто мектепте мектеп окуучуларынын башталгыч класстарда алган тил билимдери системалаштырылып, студенттер англис тилин билүүнүн негизги деңгээлинин талаптарына ылайык жаңы тил билимдерин жана көндүмдөрүн өздөштүрүүсүн улантууда.<br>**Орфография**<br>– орфографиялык көндүмдөрдү, анын ичинде базалык деңгээлдин лексика-грамматикалык минимумуна кирген жаңы тилдик материалга карата колдонуу менен өркүндөтөт.<br>**Фонетика**<br>– угуу-сүйлөө көндүмдөрүн, анын ичинде жаңы тилдик материалга карата туура айтуу көндүмдөрүн өркүндөтөт;<br>– англисче сөздөрдө жана фразаларда стрессти жана интонацияны сактайт;<br>– сүйлөмдөрдүн ар кандай түрлөрүн жасалгалоодо ритмикалык-интонациялык көндүмдөрдү сактайт.<br>**Лексика**<br>– 3-9-класстарда окулган лексикалык бирдиктерди системалаштырат; оозеки жана жазма пикир алышуунун жаңы темаларын, көйгөйлөрүн жана кырдаалдарын тейлөөчү лексикалык каражаттарды өздөштүрөт. Лексикалык минимум тематикалык картага ылайык 1100 лексикалык бирдикти түзөт;<br>– эл аралык лексиканы, белгилүү сөздөрдүн жаңы маанилерин жана сөз жасоонун продуктивдүү ыкмаларынын негизинде түзүлгөн жаңы сөздөрдү өздөштүрүү менен потенциалдуу лексиканы кеңейтет;<br>– англис тилдүү өлкөлөрдүн маданиятына мүнөздүү, башталгыч жана жогорку класстын темаларынын алкагындагы жагдайларга кызмат кылган кепте лексикалык бирдиктерди, кеңири таралган сөз айкаштарын, кеп этикетинин клишелерин таануу жана колдонуу көндүмдөрүн, сөздүктөрдү колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрөт. |

| | |
|---|---|
| | **Грамматика**<br>– мурда рецептивдик жол менен үйрөнүлгөн грамматикалык кубулуштарды билет жана коммуникативдик багыттагы негизги мектепте үйрөнгөн грамматикалык материалдарды системалаштырат;<br>– сүйлөмдөрдүн мурда үйрөнүлгөн коммуникативдик жана структуралык түрлөрүн таануу жана кепте колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтөт;<br>– багынычсыз жана багынычтуу татаал сүйлөмдөр, анын ичинде ыктымалдык даражасы ар түрдүү болгон шарттуу сүйлөмдөр: ыктымалдуу, күмөндүү жана мүмкүн эмес: *conditional 0, 1, 2, 3 and mixed* сүйлөмдөр жөнүндөгү билимдерин системалаштырат;<br>– кеңири таралган негизги мамиле этиштердин чак формаларында кепте колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтөт: Present Simple, Past Simple, Present / Past Continuous, Present / Past Perfect, Present / Past Perfect Continuous;<br>– этиштердин негизги мамиленин төмөнкү формаларында белгилерин тааныйт жана кепте колдонот: *Present, Perfect Continuous/ Past Perfect* жана туюк мамиле: *Present Simple Passive, Future Simple Passive, Past Simple Passive, Present Perfect Passive*;<br>– окууда Past Perfect Passive, Future Perfect Passive этиштердин белгилерин билет жана тааныйт;<br>– функцияларын айырмалабастан этиштин жеке эмес формалары (*Infinitive, Gerund*);<br>– учур, өткөн жана келээр чакта модалдык пикир билдирген этиштерин тааныйт жана кепте колдонот;<br>– белгилүү/белгисиз/нөлдүк артиклдерди, жеке жана көптүк сандагы зат атоочторду (анын ичинде өзгөчөлүктөр) колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтөт;<br>– кыйыр кепти колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтөт;<br>– тексттин бүтүндүгүн камсыз кылуу үчүн байланыш каражаттары жөнүндө билимди системалаштырат (себеп-натыйжа байланыштарын билдирүү). |
| ***11-класс*** | Орто мектепте мектеп окуучуларынын башталгыч класстарда алган тил билимдери системалаштырылып, студенттер англис тилин билүүнүн негизги деңгээлинин талаптарына ылайык жаңы тил билимдерин жана көндүмдөрүн өздөштүрүүсүн улантууда.<br>**Орфография**<br>– орфографиялык көндүмдөрдү, анын ичинде базалык деңгээлдин лексика-грамматикалык минимумуна кирген жаңы тилдик материалга карата колдонуу менен өркүндөтөт.<br>**Фонетика**<br>– угуу-суйлоо көндүмдөрүн, анын ичинде жаңы тилдик материалга карата туура айтуу көндүмдөрүн өркүндөтөт;<br>– англисче сөздөрдө жана фразаларда стрессти жана интонацияны сактайт;<br>– сүйлөмдөрдүн ар кандай түрлөрүн жасалгалоодо ритмикалык-интонациялык көндүмдөрдү сактайт.<br>**Лексика** |

| | |
|---|---|
| | – 3-9-класстарда окулган лексикалык бирдиктерди системалаштырат; оозеки жана жазма пикир алышуунун жаңы темаларын, көйгөйлөрүн жана кырдаалдарын тейлөөчү лексикалык каражаттарды өздөштүрөт. Лексикалык минимум тематикалык картага ылайык 1300 лексикалык бирдикти түзөт;<br>– эл аралык лексиканы, белгилүү сөздөрдүн жаңы маанилерин жана сөз жасоонун продуктивдүү ыкмаларынын негизинде түзүлгөн жаңы сөздөрдү өздөштүрүү менен потенциалдуу лексиканы кеңейтет;<br>– англис тилдүү өлкөлөрдүн маданиятына мүнөздүү, башталгыч жана жогорку класстын темаларынын алкагындагы жагдайларга кызмат кылган кепте лексикалык бирдиктерди, кеңири таралган сөз айкаштарын, кеп этикетинин клишелерин таануу жана колдонуу көндүмдөрүн, сөздүктөрдү колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрөт.<br>**Грамматика**<br>– мурда рецептивдик жол менен үйрөнүлгөн грамматикалык кубулуштарды билет жана коммуникативдик багыттагы негизги мектепте үйрөнгөн грамматикалык материалдарды системалаштырат;<br>– сүйлөмдөрдүн мурда үйрөнүлгөн коммуникативдик жана структуралык түрлөрүн таануу жана кепте колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтөт;<br>– *I wish … / If only… (I wish/ If only I had my own room*) конструкциясы менен сүйлөмдөрүн таануу жана кепте колдонуу көндүмдөрүн калыптандырат;<br>– кеңири таралган негизги мамиле этиштердин чак формаларында кепте колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтөт: *Present Simple, Past Simple, Present / Past Continuous, Present / Past Perfect, Present / Past Perfect Continuous;*<br>– этиштин жеке эмес формалары (*Participle 1, Participle 2*);<br>– келер чакты билдирүү үчүн кепте ар кандай грамматикалык каражаттарды тааныйт жана колдонот: *Simple Future, be going to, Present Continuous, Present Simple;*<br>– сандык маанини билдирген тактоочторду (*much, many, few, a few, little, a little*) таанып, кепте колдонот;<br>– билимди системалаштырат жана текстте анын бүтүндүгүн камсыз кылуу үчүн ар кандай байланыш каражаттарын колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтөт;<br>– кепте бөлүүчү суроолорду колдонот;<br>– *so / neither* көмөкчү сөздөрдү жана этиштерди маектешинин макулдугун/макул эместигин билдирүү үчүн колдонот. |

6-таблица. Кептик компетенттүүлүк

| | |
|---|---|
| ***5-класс*** | ***Угуу көндүмдөрү***<br>– Чет тилдеги тексттерди (1.5 минутага чейин) угуп кабыл алат;<br>– ар кандай терендиктеги татаал эмес тексттерди коммуникативдик тапшырмага жана тексттин функционалдык түрүнө жараша (негизги мазмунун түшүнүү, текстти тандап түшүнүү жана толук түшүнүү менен) түшүнөт;<br>– текстти угуп негизги ойду баса белгилейт; |

| | |
|---|---|
| | – негизги фактыларды тандап, экинчи фактыларды калтырат;<br>– керектүү маалыматты тандап прагматикалык мүнөздөгү билдирүүлөрдөгү тилдин божомолуна, контекстине таянуу менен тандап түшүнөт.<br>***Окуу көндүмдөрү***<br>– тексттердин мазмунуна карата ар кандай тереңдиктеги тексттерди окуйт жана түшүнөт (окуу түрүнө жараша);<br>– негизги мазмунун түшүнөт (таанышып окуу);<br>– текстти толук түшүнөт (изилдеп окуу);<br>– керектүү же кызыккан маалыматты түшүнөт ( издеп окуу);<br>– окуу түрүнө карабастан эки тилдүү сөздүктү колдонот;<br>– окуунун ар кандай түрлөрүн колдонот.<br>***Таанышып окуу*** (250-270 сөз)<br>– теманы, тексттин мазмунун аталышы боюнча аныктайт;<br>– негизги ойду баса белгилейт;<br>– тексттен негизги фактыларды тандап, башкаларын калтырат;<br>– тексттин негизги фактыларынын логикалык ырааттуулугун белгилейт.<br>***Изилдеп окуу*** (150 сөз)<br>– тексттин мазмунун аны маалыматтык кайра иштетүүнүн негизинде толук жана так түшүнөт (тилдик божомол, сөз түзүү анализи, эки тилдүү сөздүктү колдонуу);<br>– окулган материал боюнча өз пикирин билдирет.<br>***Карап/издеп окуу***<br>– окуучулар үчүн зарыл болгон же алар кызыккан маалыматты тандайт.<br>***Кептик көндүмдөр***<br>– сырткы көрүнүшүн жана мүнөзүн сүрөттөөгө байланыштуу сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын көлөмүн билет, өзүнүн кызыкчылыктары, үй-бүлөсүнүн жана досторунун жашоосу, сүйүктүү темасы, географиялык жайгашуусу, кооз жерлери жана Улуу Британиянын белгилүү адамдары жөнүндө сүйлөшө алат;<br>– сүйүктүү жазуучу жана китеп жөнүндө сөз кыла алат (5-7 кеп сөздөрү);<br>– сөздөрдү жана сөз айкаштарын жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөргө бириктире алат;<br>– ар кандай суроолорду берип жана жооп бере алат.<br>***Жазуу көндүмдөрү***<br>– туулган күнү жана башка майрамдар менен кыска куттуктоолорду (30 сөз) жазат, каалоолорун билдирет<br>– бланктарды толтурат (аты-жөнүн, фамилиясын, жынысын, жашын, жарандыгын, дарегин көрсөтөт)<br>– өзү жөнүндө, курчап турган дүйнө, азыркы жана өткөн окуялар жөнүндө кыска тексттерди жазат (30 сөз) |

| | |
|---|---|
| ***6-класс*** | **Угуу көндүмдөрү**<br>– Чет тилдеги тексттерди (1,5 минута) угуп кабыл алат;<br>– ар кандай тереңдиктеги татаал эмес тексттерди коммуникативдик тапшырмага жана тексттин функционалдык түрүнө жараша (негизги мазмунун түшүнүү, текстти тандап түшүнүү жана толук түшүнүү менен) түшүнөт;<br>– текстти угуп негизги ойду баса белгилейт;<br>– негизги фактыларды тандап, башкаларын калтырат;<br>– керектүү маалыматты тандап прагматикалык мүнөздөгү билдирүүлөрдөгү тилдин божомолуна, контекстине таянуу менен тандап түшүнөт.<br>***Окуу көндүмдөрү***<br>– тексттердин мазмунуна карата ар кандай тереңдиктеги тексттерди окуйт жана түшүнөт (окуу түрүнө жараша);<br>– негизги мазмунун түшүнөт (таанышып окуу);<br>– текстти толук түшүнөт (изилдеп окуу);<br>– керектүү же кызыккан маалыматты түшүнөт ( карап/издеп окуу);<br>– окуу түрүнө карабастан эки тилдүү сөздүктү колдонот;<br>– ар кандай окуу түрлөрүн колдонот.<br>***Таанышып окуу*** (250-300 сөз)<br>– теманы, тексттин мазмунун аталышы боюнча аныктайт;<br>– негизги ойду баса белгилейт;<br>– тексттен негизги фактыларды тандап, калгандарын калтырат;<br>– тексттин негизги фактыларынын логикалык ырааттуулугун белгилейт.<br>***Изилдеп окуу*** (200 сөз )<br>– тексттин мазмунун аны маалыматтык кайра иштетүүнүн негизинде толук жана так түшүнөт (тилдик божомол, сөз түзүү анализи, эки тилдүү сөздүктү колдонуу);<br>– окулган материал боюнча өз пикирин билдирет.<br>***Карап/издеп окуу***<br>– окуучулар үчүн зарыл болгон же алар кызыккан маалыматты тандайт.<br>***Кептик көндүмдөр***<br>– өзүнүн өмүр баянын, үй-бүлөсүнүн кызыкчылыктарын, үй-бүлөлүк каада-салттарын жана көйгөйлөрүн айта алат (10го чейин кеп сөздөрү);<br>– англис тилдүү өлкөлөр жөнүндө алардын эс алуусу туралуу кыска аңгеме түзө алат (10го чейин кеп сөздөрү);<br>– сөздөрдү жана сөз айкаштарын жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөргө бириктире алат;<br>– ар кандай суроолорду берип жана аларга жооп берет.<br>***Жазуу көндүмдөрү*** |

| | |
|---|---|
| | – үлгүгө таянуу менен жеке кат жазат (40-50 сөз), адресаттан анын жашоосу, иштери тууралуу сурайт, өзү жөнүндө да кабарлайт, ыраазычылыгын, өтүнүчүн билдирет;<br>– өзү жөнүндө, белгилүү адамдар жөнүндө, курчап турган дүйнө, азыркы, өткөн жана келечектеги окуялар жөнүндө кыска тексттерди жазат (40-50 сөз). |
| ***7-класс*** | ***Угуу көндүмдөрү***<br>– Чет тилдеги тексттерди (1.5 -2 минута) угуп кабыл алат;<br>– ар кандай тереңдиктеги татаал эмес тексттерди коммуникативдик тапшырмага жана тексттин функционалдык түрүнө жараша (негизги мазмунун түшүнүү, текстти тандап түшүнүү жана толук түшүнүү менен) түшүнөт;<br>– оозеки тексттин мазмунун башталышы боюнча болжолдойт;<br>– текстти угуп негизги ойду баса белгилейт;<br>– негизги фактыларды тандап, башкаларын калтырат;<br>– керектүү маалыматты тандап прагматикалык мүнөздөгү билдирүүлөрдөгү тилдин божомолуна, контекстине таянуу менен тандап түшүнөт;<br>– түшүнүү үчүн маанисиз болгон бейтааныш тил материалдарын этибарга албайт.<br>***Окуу көндүмдөрү***<br>– тексттердин мазмунуна карата ар кандай тереңдиктеги тексттерди окуйт жана түшүнөт (окуу түрүнө жараша);<br>– негизги мазмунун түшүнөт (таанышып окуу);<br>– текстти толук түшүнөт (изилдеп окуу);<br>– керектүү же кызыккан маалыматты түшүнөт ( карап/издеп окуу);<br>– окуу түрүнө карабастан эки тилдүү сөздүктү колдонот;<br>– ар кандай окуу түрлөрүн колдонот.<br>***Таанышып окуу*** (300-370 сөз)<br>– теманы, тексттин мазмунун аталышы боюнча аныктайт;<br>– негизги ойду баса белгилейт;<br>– тексттен негизги фактыларды тандап, калгандарын калтырат;<br>– тексттин негизги фактыларынын логикалык ырааттуулугун белгилейт.<br>***Изилдеп окуу*** (300 сөз )<br>– тексттин мазмунун аны маалыматтык кайра иштетүүнүн негизинде толук жана так түшүнөт (тилдик божомол, сөз түзүү анализи, эки тилдүү сөздүктү колдонуу);<br>– окулган материал боюнча өз пикирин билдирет.<br>***Карап/издеп окуу***<br>– окуучулар үчүн зарыл болгон же алар кызыккан маалыматты тандайт. |

| | |
|---|---|
| | ***Кептик көндүмдөр***<br>– сүйлөшүүнү баштайт, улантат жана бүтүрөт;<br>– куттуктайт, каалоо-тилектерди билдирет жана аларга жооп берет;<br>– сылык кайра сурап, макул / макул эместигин билдирет;<br>– маалыматты сурайт жана айтып берет (Ким? Эмне? Кантип? Кайда? Качан? Ким тарабынан? Эмне үчүн?), суроочунун позициясынан жооп берүүчүнүн позициясына өтүп;<br>– сураныч менен кайрылат жана аны аткарууга даярдыгын / баш тартуусун билдирет;<br>– кеңеш берет жана аны кабыл алат/албайт;<br>– аракетке / өз ара аракеттенүүгө чакырат жана катышууга макул/макул эместигин билдирет;<br>– өз көз карашын, өнөктөш менен макул/макул эместигин, күмөндүгүн, сезимдерин, эмоцияларын (кубаныч, кайгы) билдирет;<br>– сүрөттөө, баяндоо жана билдирүү, ошондой эле эмоционалдык жана баалоочулук сыяктуу коммуникативдик кеп түрлөрүн колдонуп, фактылар жана окуялар жөнүндө кыскача айта алат;<br>– окуган текстке таянып, анын негизги идеясын жеткирет;<br>– окуган/уккан текстке байланыштуу билдирүү жасайт (10 же андан ашык кеп сөздөрү).<br>***Жазуу көндүмдөрү***<br>– жеке кат жазат (60-80 сөз), адресаттан анын жашоосу, иштери тууралуу сурайт, өзү жөнүндө да кабарлайт, ыраазычылыгын, өтүнүчүн билдирет;<br>– өзү жөнүндө, белгилүү адамдар жөнүндө, курчап турган дүйнө, азыркы, өткөн жана келечектеги окуялар жана окуп жаткан өлкө жөнүндө кыска тексттерди жазат (60-80 сөз). |
| ***8-класс*** | ***Угуу көндүмдөрү***<br>– Чет тилдеги тексттерди (2 минута) угуп кабыл алат;<br>– ар кандай тереңдиктеги татаал эмес тексттерди коммуникативдик тапшырмага жана тексттин функционалдык түрүнө жараша (негизги мазмунун түшүнүү, текстти тандап түшүнүү жана толук түшүнүү менен) түшүнөт (2 минута);<br>– оозеки тексттин мазмунун билдирүүнүн башталышы боюнча болжолдойт;<br>– текстти угуп негизги ойду баса белгилейт;<br>– негизги фактыларды тандап, башкаларын калтырат;<br>– керектүү маалыматты тандап прагматикалык мүнөздөгү билдирүүлөрдөгү тилдин божомолуна, контекстине таянуу менен тандап түшүнөт;<br>– түшүнүү үчүн маанисиз болгон бейтааныш тил материалдарын этибарга албайт. |

| | |
|---|---|
| | ***Окуу көндүмдөрү***<br>– тексттердин мазмунуна карата ар кандай тереңдиктеги тексттерди окуйт жана түшүнөт (окуу түрүнө жараша);<br>– негизги мазмунун түшүнөт (таанышып окуу);<br>– текстти толук түшүнөт (изилдеп окуу);<br>– керектүү же кызыккан маалыматты түшүнөт (карап/ издеп окуу);<br>– окуу түрүнө карабастан эки тилдүү сөздүктү колдонот;<br>– ар кандай окуу түрлөрүн колдонот.<br>***Таанышып окуу*** (370-400 сөз)<br>– теманы, тексттин мазмунун аталышы боюнча аныктайт;<br>– негизги ойду баса белгилейт;<br>– тексттен негизги фактыларды тандап, башкаларын калтырат;<br>– тексттин негизги фактыларынын логикалык ырааттуулугун белгилейт.<br>***Изилдеп окуу*** (350 сөз )<br>– тексттин мазмунун аны маалыматтык кайра иштетүүнүн негизинде толук жана так түшүнөт (тилдик божомол, сөз түзүү анализи, эки тилдүү сөздүктү колдонуу);<br>– окулган материал боюнча өз пикирин билдирет.<br>***Карап/издеп окуу***<br>- окуучулар үчүн зарыл болгон же алар кызыккан маалыматты тандайт.<br>***Кептик көндүмдөр***<br>– сүйлөшүүнү баштайт, улантат жана бүтүрөт;<br>– куттуктоо, каалоо-тилектерди билдирет жана аларга жооп берет;<br>– сылык кайра сурап, макул/макул эместигин билдирет;<br>– маалыматты сурайт жана айтып берет (Ким? Эмне? Кантип? Кайда? Качан? Ким тарабынан? Эмне үчүн?), суроочунун позициясынан жооп берүүчүнүн позициясына өтүп;<br>– сураныч мене кайрылат жана аны аткарууга даярдыгын /баш тартуусун билдирет;<br>– кеңеш берет жана кабыл алат/албайт;<br>– аракетке/өз ара аракеттенүүгө чакырат жана катышууга макул/ макул эместигин билдире;.<br>– өз көз карашын билдирет, өнөктөш менен макул/макул эместигин, күмөндүгүн, сезимдерин, эмоцияларын (кубаныч, кайгы) билдирет;<br>– сүрөттөө, баяндоо жана билдирүү, ошондой эле эмоционалдык жана баалоочулук сыяктуу коммуникативдик кеп түрлөрүн колдонуп, фактылар жана окуялар жөнүндө кыскача айта алат;<br>– окуган текстке таянып, анын негизги идеясын жеткирет; |

| | |
|---|---|
| | – багынычсыз жана багынычтуу татаал сүйлөмдөр менен окуган/уккан текстке байланыштуу билдирүү жасайт (15 кеп сөздөрү).<br>***Жазуу көндүмдөрү***<br>– жеке кат жазат (90 же андан коп сөз), адресаттан анын жашоосу, иштери тууралуу сурайт, өзү жөнүндө да кабарлайт, ыраазычылыгын, өтүнүчүн билдирет;<br>– өзү жөнүндө, белгилүү адамдар жөнүндө, курчап турган дүйнө, азыркы, өткөн жана келечектеги окуялар жана окуп жаткан өлкө жөнүндө кыска тексттерди жазат (90же андан коп сөз). |
| ***9-класс*** | **Угуу көндүмдөрү**<br>– чет тилдеги тексттерди (2-2,5 минута) угуп кабыл алат;<br>– ар кандай тереңдиктеги татаал эмес тексттерди коммуникативдик тапшырмага жана тексттин функционалдык түрүнө жараша (негизги мазмунун түшүнүү, текстти тандап түшүнүү жана толук түшүнүү менен) түшүнөт(2-2.5минута);<br>– оозеки тексттин мазмунун билдирүүнүн башталышы боюнча болжолдойт;<br>– текстти угуп негизги ойду баса белгилейт;<br>– негизги фактыларды тандап, башкаларды калтырат;<br>– керектүү маалыматты тандап прагматикалык мүнөздөгү билдирүүлөрдөгү тилдин божомолуна, контекстине таянуу менен тандап түшүнөт;<br>– түшүнүү үчүн маанисиз болгон бейтааныш тил материалдарын этибарга албайт.<br>***Окуу көндүмдөрү***<br>– тексттердин мазмунуна карата ар кандай тереңдиктеги тексттерди окуйт жана түшүнөт (окуу түрүнө жараша);<br>– негизги мазмунун түшүнөт (таанышып окуу);<br>– текстти толук түшүнөт (изилдеп окуу);<br>– керектүү же кызыккан маалыматты түшүнөт ( карап/издеп окуу);<br>– окуу түрүнө карабастан эки тилдүү сөздүктү колдонот<br>– ар кандай окуу түрлөрүн колдонот.<br>***Таанышып окуу*** (420-500 сөз)<br>– теманы, тексттин мазмунун аталышы боюнча аныктайт;<br>– негизги ойду баса белгилейт;<br>– текстен негизги фактыларды тандап, башкаларын калтырат;<br>– тексттин негизги фактыларынын логикалык ырааттуулугун белгилейт.<br>***Изилдеп окуу*** (400 сөз )<br>– тексттин мазмунун аны маалыматтык кайра иштетүүнүн негизинде толук жана так түшүнөт (тилдик божомол, сөз түзүү анализи, эки тилдүү сөздүктү колдонуу);<br>– окулган материал боюнча өз пикирин билдирет. |

| | |
|---|---|
| | ***Карап/издеп окуу***<br>– окуучулар үчүн зарыл болгон же алар кызыккан маалыматты тандайт.<br>**Кептик көндүмдөр**<br>– Сүйлөшүүнү баштайт, улантат жана бтүрөт;<br>– куттуктоо, каалоо-тилектерди билдирет жана аларга жооп берет;<br>– сылык кайра сурап, макул/макул эместигин билдирет;<br>– маалыматты сурайт жана айтып берет (ким? Эмне? Кантип? Кайда? Качан? Ким тарабынан? Эмне үчүн?), суроочунун позициясынан жооп берүүчүнүн позициясына өтүп;<br>– сураныч менен кайрылып, аны аткарууга даярдыгын/баш тартуусун билдирет;<br>– кеңеш берет жана кабыл алат/албайт;<br>– аракетке/өз ара аракеттенүүгө чакырат жана катышууга макул/макул эместигин билдирет;<br>– өз көз карашын билдирет, өнөктөш менен макул/макул эместигин, күмөндүгүн, сезимдерин, эмоцияларын (кубаныч, кайгы) билдирет;<br>– сүрөттөө, баяндоо жана билдирүү, ошондой эле эмоционалдык жана баалоочулук сыяктуу коммуникативдик сүйлөө түрлөрүн колдонуп, фактылар жана окуялар жөнүндө кыскача айта алат;<br>– текстке таянып, анын негизги идеясын жеткирет;<br>– багынычсыз жана багынычтуу татаал сүйлөмдөр менен окуган/уккан текстке байланыштуу билдирүү жасайт (22 же андан көп сүйлөө сөздөрү).<br>***Жазуу көндүмдөрү***<br>– жеке кат жазат (110-130 же андан коп сөз), адресаттан анын жашоосу, иштери тууралуу сурайт, өзү жөнүндө да кабарлайт, ыраазычылыгын, өтүнүчүн билдирет;<br>– өзү жөнүндө, белгилүү адамдар жөнүндө, курчап турган дүйнө, азыркы, өткөн жана келечектеги окуялар жана окуп жаткан өлкө жөнүндө кыска тексттерди жазат (110-130же андан коп);<br>– баяндама эссе, сүрөттөмө эссе жазат. |
| ***10-класс*** | ***Угуу көндүмдөрү***<br>– Чет тилдеги тексттерди (2,5 минута) угуп кабыл алат;<br>– ар кандай тереңдиктеги татаал эмес тексттерди коммуникативдик тапшырмага жана тексттин функционалдык түрүнө жараша (негизги мазмунун түшүнүү, текстти тандап түшүнүү жана толук түшүнүү менен) түшүнөт (2,5 минута);<br>– оозеки тексттин мазмунун билдирүүнүн башталышы боюнча болжолдойт;<br>– текстти угуп негизги ойду баса белгилейт;<br>– негизги фактыларды тандап, башкаларын калтырат;<br>– керектүү маалыматты тандап прагматикалык мүнөздөгү билдирүүлөрдөгү тилдин божомолуна, контекстине таянуу менен тандап түшүнөт; |

| | |
|---|---|
| | – түшүнүү үчүн маанисиз болгон бейтааныш тил материалдарын этибарга албайт.<br>***Окуу көндүмдөрү***<br>– тексттердин мазмунуна карата ар кандай тереңдиктеги тексттерди окуйт жана түшүнөт (окуу түрүнө жараша);<br>– негизги мазмунун түшүнөт (таанышып окуу);<br>– текстти толук түшүнөт (изилдеп окуу);<br>– керектүү же кызыккан маалыматты түшүнөт ( карап/издеп окуу);<br>– окуу түрүнө карабастан эки тилдүү сөздүктү колдонот;<br>– ар кандай окуу түрлөрүн колдонот.<br>***Таанышып окуу*** (4300-450 сөз)<br>– теманы, тексттин мазмунун аталышы боюнча аныктайт;<br>– негизги ойду баса белгилейт;<br>– тексттен негизги фактыларды тандап, башкаларын калтырат;<br>– тексттин негизги фактыларынын логикалык ырааттуулугун белгилейт.<br>***Изилдеп окуу*** (400 сөз )<br>– тексттин мазмунун аны маалыматтык кайра иштетүүнүн негизинде толук жана так түшүнөт (тилдик божомол, сөз түзүү анализи, эки тилдүү сөздүктү колдонуу);<br>– окулган материал боюнча өз пикирин билдирет.<br>***Карап/издеп окуу***<br>– окуучулар үчүн зарыл болгон же алар кызыккан маалыматты тандайт. |
| | ***Кептик көндүмдөр***<br>– сүйлөшүүнү баштайт, улантат жана бүтүрөт;<br>– куттуктоо, каалоо-тилектерди билдирет жана аларга жооп берет;<br>– сылык кайра сурап, макул/макул эместигин билдирет;<br>– маалыматты сурайт жана айтып берет (ким? Эмне? Кантип? Кайда? Качан? Ким тарабынан? Эмне үчүн?), суроочунун позициясынан жооп берүүчүнүн позициясына өтүп;<br>– сураныч менен кайрылып аны аткарууга даярдыгын/баш тартуусун билдире;.<br>– кеңеш берет жана кабыл алат/албайт;<br>– аракетке/өз ара аракеттенүүгө чакырат жана катышууга макул\макул эместигин билдире;.<br>– өз көз карашын билдирет, өнөктөш менен макул/макул эместигин, күмөндүгүн, сезимдерин, эмоцияларын (кубаныч, кайгы) билдирет;<br>– сүрөттөө, баяндоо жана билдирүү, ошондой эле эмоционалдык жана баалоочулук сыяктуу коммуникативдик сүйлөө түрлөрүн колдонуп, фактылар жана окуялар жөнүндө кыскача айта алат;<br>– текстке таянып анын негизги идеясын жеткирет; |

| | |
